Многочисленный археологический материал этого времени как с поселений, так и с могильников дает возможность реконструировать жизнь, быт и культуру населения Ферганы в период со II в. до н.э. и по VII вв. н.э. и отметить общность культуры земледельцев и скотоводов, населявших долину в это время.

Население, оставившее памятники кугайско-карабулакской культуры, продолжало развивать земледелие, основанное на искусственном орошении. Оно выращивало такие зерновые культуры, как ячмень, пшеница и просо, сеяло рис, некоторые бобовые культуры, о чем свидетельствуют археологические находки с поселений и могильников. Население, оставившее памятники кугайско-карабулакской культуры, и являлось народонаселением государства Давань. Сведения об их хозяйстве, о выращиваемых культурах и разводимых животных дают нам китайские источники.

В погребальных памятниках этого времени немало встречается предметов импортного происхождения, т.е. привезенных из Индии, Китая, Восточного Туркестана, Византии и др., что свидетельствует о развитии международных отношений в это время, чему способствовал Великий Шелковый путь, т.е. о развитии торгово-экономических отношений между странами и народами Востока и Запада.

В этом плане интересны ручка от зеркала в виде женской фигурки, пластинка от налобной повязки, узорные шелка из могильника Кара-Булак, бронзовые перстни-печати и др.

Шелковые ткани с вышивкой – китайского происхождения, а красивые вазы и другие мелкие предметы из стекла были привезены из Византии. Бронзовая ручка от зеркала в виде женской фигуры, несомненно, по стилю индийская, но отсутствие полных аналогий в индийском искусстве, сочетание черт, свойственных индийским скульптурам, несколько разного времени, возможно, свидетельствует о местном изготовлении. Это же может относиться и к пластинке от налобной повязки. Они, несомненно, подражают каким-то образцам искусства других стран. Этому знакомству с искусством других стран способствовал Шелковый путь, одна из трасс которого проходила по территории Ферганы. В памятниках кугайско-курабулакской культуры, как из поселений и городищ, так и курганных могильников, кроме перечисленных привозных, много других художественных изделий. Они свидетельствуют о высоком мастерстве и об эстетических вкусах местных ремесленников: ювелиров – авторов различных предметов украшения; гончаров, изготавливавших изящную красноангобированную керамическую посуду, иногда украшенную росписью; тех, кто занимался плетением из прутьев разных корзин, шкатулок, миниатюрных сосудов; а также тех, кто высекал изображения коней на скальных поверхностях.

Существует предположение, что у ферганцев в это время уже была своя письменность (Лившиц, 1968).

Ближе к середине I тыс. н.э. количество поселений в южных районах Кыргызстана, как и во всей Фергане, постепенно сокращается, на некоторых из них вовсе прекращается жизнь. В целом наблюдается упадок культуры, особенно это касается керамического производства, хотя еще существует красноангобированная посуда с геометрическим узором, но количество ее сокращается. Постепенные изменения наблюдаются и во всех других категориях материальной культуры населения. Давань прекращает свое существование под воздействием движения новой

волны кочевников – тюрок. Сложная политическая обстановка VII – VIII веков здесь, наряду с переселением еще и согдийцев, коренным образом меняет культуру древних ферганцев.

Если начало кугайско-карабулакской культуры относится ко времени бурного движения кочевых племен, то и конец ее связан с новой волной их движения. Археологические памятники свидетельствуют, что примерно в IV веке н.э. прекращают свое существование ряд известных укрепленных сооружений. Одновременно в культуре Ферганы усиливается влияние культуры Каунчи и отмечается «экспансия» джетыасарской культуры Сырдарьи. Возможно, какую-то роль сыграли для Ферганы события IV-VI веков н.э., когда началось движение хионитов, кидаритов, эфталитов, возможно, что конец кугайско-карабулакской культуры связан с ними. Поздний этап развития кугайско-карабулакской культуры связан как с появлением тюрков, так и с новым движением согдийцев. В результате этих процессов на территории Ферганы развиваются культуры уже иного облика.

Литература

1. *Баруздин Ю.Д.* Кара-Булакский могильник (раскопки 1954 г.) // ТИИ АН Кирг. ССР, 1956. Т 2.
2. *Баруздин Ю.Д.* 1957. Кара-Булакский могильник (раскопки 1955 г.) // ТИИ АН Кирг.ССР. – 1957. – Вып. 3.
3. *Баруздин Ю.Д.* Кара-Булакский могильник // Изв. АН Кирг.ССР. Серия обществ. наук. 1961. Т.3. Вып. 3 (история).
4. *Баруздин Ю.Д.* Брыкина Г.А. Археологические памятники Баткена и Ляйляка (Юго-Западная Киргизия). – Фрунзе, 1962. – с.128
5. *Бернштам А.Н.* Араванские наскальные изображения и Даваньская (Ферганская) столица Эрши // СЭ, 1948. – Вып. 4.
6. *Бернштам А.Н.* Древняя Фергана (Научно-популярный очерк). – Ташкент, 1951.
7. *Брыкина Г.А.* Итоги исследования усадьбы Кайрагач в Фергане // УСА. – 1979. – Вып. 4
8. *Брыкина Г.А.* Юго-Западная Фергана в первой половине I тысячелетия нашей эры. – М., 1982.
9. *Горбунова Н.Г.* Поселения Ферганы первых веков нашей эры (некоторые итоги исследования) // СА. – 1977. – № 3
10. *Горбунова Н.Г.* Керамика поселений Ферганы первых веков нашей эры // ТГЭ. 1979. Т. 20
11. *Горбунова Н.Г.* Кугайско-карабулакская культура Ферганы // ВДИ, 3. – М., 1983.
12. *Заднепровский Ю.А.* Древнеземледельческая культура Ферганы – МИА-118. – М., Л., 1962.
13. *Заднепровский Ю.А.* Фергана // Древнейшие государства Кавказа и Средней Азии // Археология СССР. – М., 1985.
14. *Заднепровский Ю.А.* Развитие фортификации в Фергане (I тыс. до н.э. – середина I тыс. н.э.) // Фортификация в древности и Средневековье: Материалы методологического семинара ИИМК. – СПб., 1995.
15. *Заднепровский Ю.А.* Основные этапы истории и культуры Южного Кыргызстана в свете новых данных (1976 – 1984 гг.) // Древний и средневековый Кыргызстан. – Бишкек, 1996.
16. История Киргизской ССР. С древнейших времен до середины XIX в. – Фрунзе, 1984 – Т. 1. – 799 с.
17. *Козенкова В.И.* Гайрат-Тепе // СА. – 1964. – №3
18. *Латынин Б.А.* Некоторые итоги работ Ферганской экспедиции 1934 г. // АСГЭ. – 1961. – Вып. 3.
19. *Лившиц В.А.* Письменность Древней Ферганы // НАА. – 1968. – № 6
20. *Литвинский Б.А.* Древние кочевники "крыши мира". – М., 1972.
21. *Литвинский Б.А.* Курганы и курумы Западной Ферганы. – М., 1972.
22. *Литвинский Б.А.* Керамика из могильников Западной Ферганы. – М., 1973.
23. *Литвинский Б.А.* Украшения из могильников Западной Ферганы. – М., 1973.
24. *Литвинский Б.А.* Проблемы этнической истории древней и раннесредневековой Ферганы // История и культура народов Средней Азии. –М., 1956.
25. *Оболдуева Т.Г.* Археологические наблюдения на Северном Ферганском канале // ИУзФАН СССР. – 1940. – № 10
26. *Оболдуева Т.Г.* Отчет о работе первого отряда археологической экспедиции на строительстве Большого Ферганского канала // ТИИА АН УзССР. – 1951. – Т. 4.
27. *Салтовская Е.Д.* Северо-западная Фергана в древности и раннем средневековье // АКД. – Душанбе, 1971.
28. *Ташбаева К.* Памятники Кыргызстана // Памятники наскального искусства Центральной Азии. Общественное мнение, менеджмент, консервация, документация. – Алматы, 2004. – С. 93 –106.
29. *Ташбаева К. К* проблеме локализации городов государства Давань // Цивилизации скотоводов и земледельцев Центральной Азии. – Самарканд-Бишкек, 2005. – С. 155 – 166.

30. Ташбаева К. К вопросу о локализации столицы Давани – первого государственного объединения на территории Южного Кыргызстана // Вестник КНУ им. Жусупа Баласагына. Материалы международной научной конференции «Кыргызский каганат в контексте тюркской цивилизации: Проблемы кыргызоведения», посвященной 1170-летию образования Великого Кыргызского каганата. (15 – 16 ноября 2012 г.). Часть 1. – Бишкек, 2012. – С. 91 – 102.

31. Gorbunova N.G. The culture of Ancient Fergana VI century B.C. – VI century A.D. // BAR International Series 281. – Oxford, 1986.

*32.*Tashbaeva K., Khujanazarov M., Ranov V., Samashev Z // Petroglyphs of Central Asia. – Bishkek, 2001, 220 p.: il.

СПИСОК СОКРАЩЕНИЙ:

АКД – автореферат кандидатской диссертации;
АО – археологические открытия;
АСГЭ – археологический сборник Гос.Эрмитажа;
ВА – вопросы антропологии;
ВДИ – Вестник древней истории;
ИГАИМК – Известия Гос. Академии истории материальной культуры;
КСИА – краткие сообщения Института археологии;
КСИИМК – краткие сообщения о докладах и полевых исследованиях Института истории материальной культуры;
МИА – материалы и исследования по археологии СССР;
НАА – Народы Азии и Африки, журнал;
СА – Советская археология;
СЭ – Советская этнография;
ТИИ АН Кирг.ССР – Труды Института истории АН Кирг.ССР;
УСА – Успехи среднеазиатской археологии.

УДК: 947.1 (575.2) (04)

Осмонкул Алиев жана аныи коомдук-саясий ишмердүүлүгү

З.Алтымышова, доценттин милдетин аткаруучу, PhD,
Кыргыз-Түрк "Манас" университети, тарых бөлүмү.
А.Шамшиева, магистрант,
Кыргыз-Түрк "Манас" университети,
тарых бөлүмү

Осмонкул Алиев (1903-1938) 1920-1930-жж. мамлекеттик ишмер, алгачкы агартуучу жана кыргыз улуттук басма сөзүнүн негиздөөчүүсү катары белгилүү. Осмонкул Алиев 1937-жылга чейин бир топ орчундуу мамлекеттик кызматтарда иштеген. Ал өз кезинде Совет мезгилиндеги Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн калыптанышына да салым кошкон. Тилекке каршы, ал 1937-жылы сталиндик репрессияга кабылып, 1938-жылы атууга кеткен. Макалада О.Алиевдин коомдук-саясий ишмердүүлүгү баяндалат.

Негизги сөздөр: Осмонкул Алиев, агартуучу, "Эркин-Тоо", эл агартуу комиссары, сталиндик репрессия.

Осмонкул Алиев и его общественно-политическая деятельность

Осмонкул Алиев известен как государственный деятель, один из первых просветителей и как основатель кыргызской национальнойпечати. До 1937 года работал на государственных ответственных должностях. В свое время он вложил свой вклад в дело создания кыргызской государственности. К сожалению, в 1937 году он был репрессирован и застрелен в 1938 году. В статье излагается его общественно-политическая деятельность.

Ключевые слова: Осмонкул Алиев, просветитель, "Эркин-Тоо", народный комиссар просвещения, сталинская репрессия.

OsmonkulAliev and his Social-Political Activities

OsmonkulAliev (1903-1938) is known as statesman, first enlightener and founder of the Kyrgyz national press. OsmonkulAliev worked in several important government positions. He also contributed a lot to formation of the Kyrgyz state during the Soviet period. Unfortunately in 1937 he faced with the Stalinist repression and was sentenced to death in 1938. The given article deals with OsmonkulAliev's social-political activities.

*Key words:*OsmonkulAliev, Enlightener, Erkin-Too, Commisar of Enlightment, Stalinist Repression.

Кыргызстандын тарых барактарындагы ар бир доордо коомчулуктун эс-тутумунда калган тарыхый инсандар кездешет.Алардын ишмердүүлүгүн терең изилдөө азыркы учурдун актуалдуу маселелерине кирет. Тарыхый инсандардын бейнесин ачуу ал доордогу тарыхый окуяларды талдап, байланыштырып изилдөөгө мүмкүндүк берет жана келечек муундарга таалим-тарбия берүүдө алардын өмүр жолу өрнөк боло алат. Тарыхый инсандардын ишмердүүлүгү Совет мезгилиндеги идеологиядан улам толук изилденбей келген. Кыргызстан эгемендүүлүгүн алгандан кийин мындай инсандардын ишмердүүлүгүн объективдүү изилдөөгө мүмкүнчүлүк жаралды. Тарыхый инсандарга арналган бир топ макалалар, илимий эмгектер жарыяланганына карабастан айрым инсандардын өмүр жолу толук жана ар тараптуу изилдене элек. Мисалы, 1920-1930-жж. коомдук-саясий ишмер, алгачкы агартуучулардын бири Осмонкул Алиев тууралуу буга чейин айрым макалалар, эскерүүлөр гана жарыяланган. Макалада Осмонкул Алиевдин өмүр жолу жана ишмердүүлүгү каралат.

Осмонкул Эгимбаевич Алиев 1903-жылы Чүй аймагында, азыркы Панфилов районуна караштуу Чолок-Арык айылында туулган. 1910-1916-жж. Мерке шаарындагы орус жергиликтүү мектебин бүтүргөн. Совет бийлиги орногондон кийин 1919-22-жж. Ташкент шаарында казак-кыргыз агартуу институтунда окуган.Аталган институтта окуп жүргөн мезгилде Осмонкул коомдук жана партиялык иштерге активдүү катышкан, 1919-жылы ВЛКСМдын катарына өткөн. 1921-1922-жж. Ташкентте алгачкы комсомолдук уюмдарды уюштурууга салымын кошкон жана Ташкент шаардык комитетинин саясий-агартуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген [1] 1920-жылдан тартып Ташкентте басылып турган "Ак жол" гезитине макала жаза баштаган. Осмонкул Алиев Казак-кыргыз институтунун студенттери менен бирге "Жаштар урааны" деген аталыштагы журнал жарыялашкан. Басма сөз иштерине аралаша башташы О. Алиевдин алгачкы басма сөзүнүн негиздөөчүсү катары тажрыйбасынын топтолушуна шарт түзгөн [2].

Осмонкул Алиев институтту бүтүргөн соң 1924-жылы май айында Сыр-Дарыя обком комсомолунун уюштуруу бөлүмүнө жумушка алынат. Осмонкул кыргыз, орус, казак тилдерин жакшы билген, уюштурууга жөндөмдүү жаш кадр болгондуктан, 1924-жылдын башында Кыргыз обком комсомолунун чогулуштагы чечими менен европалык жумушчуларга кыргыз тилин үйрөтүү үчүн алты айлык курстун мугалими болуп дайындалган.

1924-жылы РСФСРдин курамында Кара-Кыргыз автономиялуу областы түзүлгөн. Областтын түзүлүшү менен кыргыз интеллигенттеринин алдында улуттук илим-билимди өнүктүрүү милдети турган. Кыргыз тилинде газета чыгаруу милдети О. Алиевке жүктөлгөн. 1924-жылы Осмонкул Алиев Кыргыз обком партиясынын аткаруу бюросунун мүчөсү жана Кыргыз Обком ВЛКСМдын секретары болуп иштеп жүргөн кезде бир эле учурда "Эркин-Тоо" гезитинин редактору болуп бекитилет [3].

"Эркин-Тоо" гезитин басып чыгарууда кыргыз басма сөз ишинин ага чейин түптөлбөгөндүгү жана мурдатан басмада иштеген, газета чыгаруу иштерине катышкан билимдүү кадрлар жоктугу кыйынчылык жараткан. Алгач Осмонкул газетаны чыгарыш үчүн иштей турган кадрларды топтой баштаган, ошол мезгилде Казак-кыргыз Эл агартуу институтунда окуган Хусеин Карасаевди чакырткан [4]. Гезиттин жооптуу катчылыгына Сыдык Карачевди Караколдон чакырткан. Анткени Сыдык Карачев Алма-Ата, Ташкент шаарларында татар, казак тилдеринде чыгып турган "Көмөк", "Тилчи" аттуу газеталарга ыр, аңгемелерди үзбөй жазып келген белгилүү акын-жазуучу жана басма иши менен жакшы тааныш болгон [5].

Гезиттин алгачкы саны Ташкент шаарында араб тамгасы менен 1924-жылы 7-ноябрь күнү 3000 тираж менен басылып чыккан. Кыргыз тилиндеги тунгуч гезитинин чыгышы кыргыз элинин маданий турмушунда маанилүү окуялардын бири болгон. 1924-жылдын декабрь айына чейин гезиттин жумасына эки жолу 3000 тираж менен 6 номери Ташкентте жарык көргөн. 1925-жылы Кыргыз автономиялуу областынын башкаруу органы менен кошо "Эркин-Тоо" гезитинин редакциясы Ташкенттен Пишпек шаарына көчүрүлгөн [6]. "Эркин-Тоонун" Пишпекке көчүрүлүшү менен Кыргызстандагы кыргыз басма сөзү түптөлө баштайт.Осмонкул Алиев "Эркин-Тоо" гезитинин редактору болуп 1926-жылга чейин иштеген, 1926-жылдан баштап "Коммунист" журналынын редактору болуп дайындалган. Ал ошондой эле марксисттик эмгектер, мамлекеттик жоболор, көрсөтмөлөрдү мыкты деңгээлде которгон.

О.Алиев 1926-жылдын март айынан июль айына чейин Кара Кыргыз Автономиялуу облусунун областтык эл агартуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп, сабатсыздыкты жоюу боюнча эл агартуу иштерин жүргүзгөн.Ал 1926-жылы февраль айында Баку шаарында өткөн Биринчи түркологиялык съездге Касым Тыныстанов, Базаркул Данияров, Эшенаалы Арабаев менен чогуу делегат болуп катышкан. Съездде түрк элдеринин адабияты, этнографиясы, тили, терминологиясы жөнүндө негизги баяндамалар окулган. Кыргыздардын ошол мезгилдеги маанилүү көйгөйү болуп саналган тил маселесин чечүү максатында Борбордук жаңы алиппе комитети түзүлгөн. Осмонкул Алиев бул комитеттин мүчөлүгүнө шайланган. 1927-жылы июнь айынын башында Баку шаарында Борбордук жаңы алиппе комитетинин пленуму болуп өткөн. Пленумга Кыргызстандан өкүл катары Осмонкул Алиев, Касым Тыныстанов жана Хусеин Карасаев катышышкан. Пленумдан кийин латын алфавитине өтүү ишке ашырыла баштаган. Латын арибинде окуу куралдардын жана китептердин жарык көрүшүндө жаңы алиппе комитетинин мүчөсү Осмонкул Алиевдин салымы чоң болгон. Анткени Осмонкул Алиев Бакудагы Борбордук жаңы алиппе комитетинин башчысы Агамали Оглына жеке өзү кайрылып, Кыргызстанга көп акча каражат бөлүнүшүнө көмөк көрсөткөн [7].

Осмонкул Алиев 1927-1930-жж. Я.М.Свердлов атындагы Коммунисттик университетинде билим алган. Аталган окуу жайда окуп жүрүп, Кыргыз Автономиялуу Республикасынын Москвадагы өкүлчүлүк кызматын кошо аткарат.Ал 1930-жылы август айында университетти бүтүп, Фрунзеге келет. Тажрыйбалуу ишмер катары 27 жаш курагында Кыргыз АССРинин Агартуу Эл коммисарлыгына шайланат. Бул мезгилде кыргыз коомчулугунда сабатсыздыкты жоюу боюнча алгылыктуу иштер жасалып, ликбез мектептер ачылган. Ликбез мектептеринде 70 миңден ашуун киши окуп, алардын 54 707 миңден ашууну сабатсыздыгын жойгон [8]. Осмонкул Алиев 1932-жылдын январь айына чейин Кыргыз АССРинин Агартуу Эл комиссары болуп иштеген. 1937-жылы кайрадан Кыргыз ССРнын Агартуу Эл комиссары болуп дайындалган.

Осмонкул Алиевдин агартуучулук ишмердүүлүгүнөн башка Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн пайдубалын түптөөдө коомдук-саясий ишмердүүлүгү да белгилей кетүү зарыл. Кара Кыргыз Автономиялуу Областы жаңыдан түзүлгөндө Осмонкул Алиев партиялык уюштуруу бюросунун экинчи катчылыгына дайындалат. Андан тышкары, Кыргызстан комсомолунун уюштуруу комитетинин башчылыгына, облпартбюронун мүчөлүгүнө да бекитилет. 1926-жылы июль айынан баштап ВКП(б) Кыргыз обкомунун бюросунун агитпроп маселесин тейлейт. 1926-жылы болуп өткөн Обкомдун II пленумунда О. Алиев айыл-кыштактарды советтештирүү, жергиликтүү бийликти чыңдоо партиялык саясат экенин баса көрсөтөт. Ошондой эле буйрук берүүчүлүк, төрө пейилдик өкүм сүрүп, советтик аппарат көпчүлүктөн обочо турганын далилдер аркылуу сындайт. Кыргызстандын түндүк жана түштүк аймактарын кыдырып көргөндөрүнөн мисалдар келтирип, дыйкан массаларынын демилгелүүлүгүн көтөрүүнүн зарылдыгына токтолот. Кыргызстандын шартында кулактарды административдик камоо, аларды айдоо жолу менен сокку уруу опурталдуу экенин эскертет [9].

О.Алиев 1931-жылы 29-январда Кыргыз АССРнын Советтеринин съездин өткөрүү боюнча Шахрай, Исакеев, Абдрахманов, Орозбековдор менен бирге саясий комиссиянын катарына киргизилет. Кыргыз АССРинин агартуу эл комиссары кызматында 1932-жылдын январь айына чейин иштейт, андан кийин ВКП (б) Кыргыз обкомунун катчылыгына шайланат. Ал кызматта турган кезде жабдуу жана транспорт боюнча ишмердүүлүк жүргүзгөн. Партиянын кыргыз обкомунун бюросунун тапшыруусу боюнча Ош-Эркечтам кара жолуна азык-түлүк дүкөндөрүн жана кызыл чайканаларын уюштурууну ишке ашырган.

1930-жылдары СССРдин кээ аймактарында түшүмсүздүктүн айынан, отурукташтыруу, коллективдештирүү саясатындагы кемчиликтерден улам массалык түрдө ачарчылык башталган. Кыргызстандын өкмөтү республикага келишкен ачарчылыктан жапа чеккендерге, азып-тозгондорго тамак берүү пунктарын уюштурушкан. Бул өнөктүк азык-түлүк тартыштыгын жогорулаткан. Мындай абалда 1930-жылы берилген эгин планын аткаруу кыйын болгон. Планды аткарууда ВКП(б) БКнын Орто Азия бюросу ортосунда пикир келишпестик келип чыккан. Себеби мамлекеттин башында турган жетекчилер коңшу Казакстандын абалын көрүп эгин планын аткаруу мүмкүн эмес деп эсептешкен. Мамлекет жетекчилер Кыргызстандагы жер-жерлердеги абалды иликтөө үчүн Шахрай баш болгон комиссия Кыргызстандын түндүк аймактарына Алиев, ал эми Абдрахманов, Чураков, Филипповдор түштүк райондоруна эгин даярдоо маселесин текшерүү үчүн узак командировкага чыгышкан. Эки жак тең чарбаларын, эмгекчилердин абалдары менен тереңден таанышып келишкенден кийин эгин тапшыруунун планын төмөндөтүүгө бюродо макулдашышкан. Бул чечимге баардыгы макул болушкан [10]. Анткени, айрым жерлерде колхозчулар ачкачылыкка дуушар боло баштаган эле. Райондордо эгин даярдоого укук берилип, Исакеев Кыргызстандын түштүк аймагына, Алиев Талас өрөөнүнө иш сапарына жөнөтүлгөн. Ошентип 1932-жылы Кыргызстан борбор тарабынан берилген эгин тапшыруу планын аткара алган эмес, бирок мамлекет жетекчилери кыргыз элин ачкачылыктан сактап калышкан. Жетекчилердин бул иш-аракеттери ВКП (б) БКнын бюросу тарабынан мамлекетке эгин тапшыруу директивалардын так аткарылышына каршылык көрсөтүү катары бааланган. Шахрай жана Ж.Абдрахманов жетекчилик кызматтарынан бошотулган. Кыробком башчысы, жабдуу жана транспорт боюнча иш алып барган О. Алиевге жана Ж. Саадаевге сөгүш жарыяланган. 1933-жылы 12-мартта О. Алиев Кир. ОК ВКП (б) секретары М. Белоцкийге 1933-жылы эгиндин ашкере сарптылышына жана уурдалышына жол берилгендигине байланыштуу алган сөгүшүн алып салуу арызы менен кайрылган. О. Алиевдин иши Москвада КПК нын Партколлегиянын отурумунда №123/8 6 пункт боюнча 1936-жылы 7-майда кайрадан каралган. БК ВКП (б)нын Партияны контролдоо комиссиясынын чечими менен О. Алиевден сөгүш чечими алынып салынган [11].

Осмонкул Алиев 1934-жылы Фрунзеге келип айыл чарба бөлүмүнүн башчысынын орун басары болуп эмгектенген. Алиев 1935-жылы февраль айында Ош райкомунун биринчи катчысы болуп дайындалып, Ош шаарына жөнөтүлөт. Бул кызматта Осмонкул Алиев партиянын жумушун так кынтыксыз аткаруу аркылуу жөндөмүн, уюштургучтугун, мыкты ишкер экендигин дагы бир жолу көрсөткөн. Ош райкомунун биринчи катчысы болуп иштеп жүргөндө 1935-жылы көрүнүктүү экономист, советтик жетекчилердин бири Н. Бухарин менен жолуккан, алар социализмди куруунун пландары тууралуу пикир алмашышкан. Бухарин менен болгон жолугушуу кийин анын улутчул катары айыпталышына себепчи болуп калган [12]. Ошто ал 1936-жылдын аягына чейин иштеген, андан кийин 1937-жылы кайрадан Кыргыз АССРинин агартуу эл комиссарлыгына дайындалат. Билимдүү, тажрыйбалуу кадр болгондуктан ал дайыма жогорку мамлекеттик кызматтарга көрсөтүлүп турган. Өз кезегинде Ж. Абдрахманов БАКтын орун басары Щербаков менен поездде бирге баратып О. Алиев жөнүндө: *"Алиев биздин болочоктогу жетекчибиз, жол башчыбыз"*, - деп, сын бөлүшкөнү айрым чөйрөлөргө угулган. Кыробкомдун ага берген мүнөздөмөсүндө: *"Алиев саясий даярдыгы жагынан Кыргызстандын партиялык кызматкерлеринин арасынан өзгөчө бөлүнүп турган. Ал ишинин көптүгүнө карабастан, убакыт таап адабий иштерге да катышат. О. Алиев маркстык-лениндик адабияттарды кыргыз тилине которгон биринчи котормочулардын бири"*, – деп жазылган. 1937-жылы Алиевке контр революциялык уюмдун активдүү катышуучусу, алдоо жолу менен партияга кирген деген айыптар тагылган. 8-августта БК бюросунун отурумунда О. Алиев партиядан чыгарылып, Агартуу Эл комиссарлыгы кызматынан четтетилген. О.Алиев Ж. Абдрахманов, Б. Исакеев, М. Белоцкийлерге караганда кийинчерээк репрессияланып камалган. Анткени Осмонкул Алиев 1937-жылы июнь айынын башында Кыргызстан компартиясынын биринчи съездине катышып, ал съезд бүткөндө стенографиялык отчетун редакциялоо ишин ага тапшырышат. Бул отчетту даярдоо үчүн кадр жок болгон. Качан гана Алиев ишин бүтүргөндө камакка алынган. О. Алиевге күнөө тагылышына бир канча себептер өбөлгө болгон. 1935-жылдын декабрында өткөн обкомдун V пленумунда партиядан чыгарылып, кызматтан четтетилген. Ж. Абдрахманов, Ж. Саадаев, К. Тыныстанов жана башка бир топторун контрреволюциячыл улутчулдар катары жапырт сындашат. Ошондо Татыбеков деген киши Алиевдин куугунтукталган топтогулар менен бирге басып, билими, кудурети жетип турса да алардын бетин ачпай, иш жүзүндө ашкерелебей, басма сөзгө жазбай жүргөнүн сындаган [13]. Ошентип, ал партиядан

чыгарылып, кызматтан бошотулган соң 1937-жылы камакка алынат. 1938-жылдын 5-ноябрында Жогорку Соттун Аскердик коллегиясы тарабынан О. Алиевди РСФСРдин кылмыш кодексинин №58-2, №58-7, №58-8, №58-11 статьялары боюнча өлүм жазасына буюрган, анын мал-мүлкүн конфискациялоо чечими чыгарылган. 14 ай абакта отуруп, кыйноо тарткан О. Алиевге күнөөнү мойнуна мажбурлап алдыртышкан. Ошентип, О. Алиев жалган жалаанын айынан 35 жаш курагында репрессиянын курмандыгы болгон. Анын сөөгү 137 кыргыздын эр азаматтары менен кошо Чоң-Ташта жашыруун көмүлгөн. О.Алиев 1957-жылы акталган, Кыргызстан КП БКнын 1937-жылы 8-августтагы аны КПССтин мүчөлүгүнөн чыгарган бюронун токтому жокко чыгарылган. 1957-жылы 9-августта СССР Жогорку Соту "Осмонкул Алиевге тиешелүү СССРдин Жогорку Сотунун аскер коллегиясынын 1938-жылы 5-ноябрындагы өкүмү жокко чыгарылсын жана кылмыш курамынын жоктугу үчүн ал жөнүндөгү иш токтотулсун"чечимин чыгарган [14].

1991-жылы "Ата-Бейитте" кайрадан сөөгү жашырылган Осмонкул Алиев 11-номур менен катталган. Осмонкул Алиевдин бир тууганы Мир Алиевдин айтымында, агасы акталганга чейин алар "эл душманынын" туугандары болгон үчүн бир топ кыйынчылыктарды баштан кечиришкен [15].

Осмонкул Алиев Кыргызстанда Совет бийлигин чыңдоодо, партиялык-өкмөттүк тапшырма, милдеттенмелерди аткарууда жан аябай эмгектенген. Ал ошол мезгилде салыштырмалуу жаш болгонуна карабастан, кыргыздын көрүнүктүү агартуучулары Э. Арабаев, К. Тыныстанов, К. Карасаев, П. К. Юдахин, Б. Даниярев жана башкалар менен бирге иштешкен. Эл агартуу жаатында кыргыз коомчулугунда маданий революцияны ишке ашырууга салым кошкон. О. Алиевдин ысымы тарыхта түбөлүк калаары шексиз.

Адабияттар

1. Кыргыз Республикасынын саясий документтер Борбордук мамлекеттик архиви (КР СД БМА), Осмонкул Алиевдин жеке делосу, ф.10. оп.15. д.137, 3-б.
2. *Абдрахманов Т., Кубатова А., Байдилдеев Ж.* Эки доор инсаны. – Бишкек: Maxprint, 2013 (242 б.) – 152-б.
3. КР СД БМА, ф.10. оп.15. д.137, 3-б.
4. *Карасаев Х.* Хусеин наама. – Бишкек: Кыргызстан, 2002 (483 б.) – 235-б.
5. *Бектенов З.* Замандаштарым жөнүндө эскерүү. – Бишкек: Адабият, 1992 (304 б.) – 61-б.
6. *Усупов С.* История Киргизской журналистики. – Бишкек: БГУ им.Карасаева, 2007 (174 с.) – 9-б.
7. *Карасаев Х.* Хусеин наама. – Бишкек: Кыргызстан, 2002 (483 б.) – 276-б.
8. *Данияров С.* Культурное строительство в Советском Киргизстане(1918 – 1930). – Фрунзе: Изд. Академии наук Киргизской ССР, 1963 (181 с.) – 109-б.
9. *Бейшеналиев Ш.* Урматка татыктуу ысым.// Кыргызстан Коммунисти. – 1990. №11. (75 – 84 бб.) – 77-80 бб.
10. *Юсуп Абдрахманов.* Избранные труды / Сост. Джунушалиев и др. – Бишкек: Илим, 2001 (300 с.). – 41-б.
11. КР СД БМА, ф.10. оп.15. д.137, 4-7 бб.
12. *Курумбаева Г.* Кыйылган өмүр, ишке ашпай калган тилек//Кыргыз Туусу. – 2013. – №46 (23737) – 2013, 3-б.
13. *Бейшеналиев Ш.* Урматка татыктуу ысым// Кыргызстан Коммунисти. – 1990. – №11. (75-84 бб.) – 82-б.
14. КР СД БМА, ф.10. оп.15. д.137, 11-б.
15. *Ибраимова Т.* Семченко А. Элүү үч жыл өткөндөн кийин //Айыл жаңылыгы. 1991. – 20-август.

ФИЛОЛОГИЯ

УДК 004.42:811

Кыргыз тилинде мейкиндик түшүнүктөрүнүн математикалык моделдеринин өзгөчөлүктөрү

Мусаев С.Ж. , КР УИА корреспогдент-мучөсү
Карабаева С.Ж., филол.илим. канд.

Макалада башка тилдерге караганда кыргыз тилинде мейкиндик түшүнүктөрү объекттердин "катыштарынын" катары эмес, гравитация менен объект(тер)дин жана субъекттин өз ара жайгашуусу жана кыймылдоосу аркылуу аныкталып элестетилген аймактар катары көрсөтүлөөрүнө көңүл бурулат. Мындай негизде алганда тилди көз карандысыз компьютердик сүрөттөө (чагылдыруу) чектеринде бул түшүнүктөрдүн тагыраак математикалык моделдерин түзүүгө болот.

Негизги сөздөр: мейкиндик түшүнүк, кыргыз тили, элестетилген аймак, математикалык модел, горизонталдык, вертикалдык, симметриялуу, транзитивдүү, экстенциалдык, интенционалдык

Особенности математических моделей пространственных понятий в кыргызском языке

В статье установлено, что в отличие от некоторых других языков, в кыргызском языке пространственные понятия представляются преимущественно не в виде «отношений» объектов, а в определении виртуальных областей, определенных как гравитацией, так и взаимным расположением и движением объекта (объектов) и субъекта. На этой основе, могут быть построены более ясные математические модели таких понятий в рамках независимого компьютерного представления языка.

Ключевые слова: пространственные понятия, кыргызский язык, виртуальная область, математическая модель, горизонтальный, вертикальный, симметричный, транзитивный, экстенциальный, интенциональный

Peculiarities of mathematical models of spatial notions in kyrgyz language

It is stated in the paper that, as distinct from some other languages, spatial concepts in Kyrgyz language are presented not as "relations" of objects but as formation of virtual domains defined both by gravitation and mutual arrangement and motion of objects and the subject. On this base, more clear mathematical models can be built for such notions within independent computer presentation of the language.

Keywords: spatial concept, Kyrgyz language, virtual domain, mathematical model, horizontal, vertical,symmetric,transitive, extential, intentional

Киришүү

Учурда компьютер техникасы менен инновациялык информациялык технологиялардын өтө тездик менен өнүгүп жатышы дүйнөлүк деңгээлдеги парадигмалардын, концепттердин, көз караштардын, интеллектуалдык ойлордун кескин алмашып, улам өзгөрүп, прагматикалык негизде келечекке багытталгандыгын күбөлөп, эл аралык, саясий-экономикалык, илимий-техникалык, маданий-социалдык сан түркүн байланыштардын глобалдык масштабда өрүш жайып, кескин өсүп бара жаткан маалымдайт.

Аламдашуунун мындай шартында маалыматтарды топтоо, сактоо, жеткирүү, иштетүү жана башкаруунун ишенимдүү негизин түзгөн лингвоинформациялык улуттук базаларга, жасалма интеллект, автоматтык башкаруу жүйөлөрүнө, маалымат издөө, эксперттик, автоматтык котормо, текстти автоматтык иштетүү системаларына, тилди аралыктан окутуп-үйрөтүү технологияларына, ошондой эле бул милдеттерди аркалаган компьютердик жана колдонмо лингвистика багытындагы заманбап изилдөөлөргө болгон муктаждык тил илимин жаңыча көз карашта кароого, мамиле кылууга (изилдөөгө) мажбурлайт. Башкача айтканда, диффузиялык,

интуитивдик түрдө калыптанган лингвистикалык маселелерди жөнөкөй, алгоритмдик чыгарылышка ээ математикалык тилге алмаштыруу зарылдыгы келип чыгат. Демек, математикалык ыкмаларды лингвистикада колдонуу максаты - тилди оозеки сыпаттоону математикалык белгилердин жардамы менен баяндоого алмаштыруу.

Тил, тилдик категориялар мейкиндиктер катышында, айрым тилдик кубулуштардын гравитациясын математикалык моделдештирүү жолу, абстрактуу формалар, сандык жана алардын сапатка өтүү жагдайы менен жазып чыгууга болот.

Тилдик деңгээлдердин катышы ар түрдүү тилдерде бирдей боло бербейт. Ар бир тил өзүнүн грамматикалык түзүлүш өзгөчөлүктөрүнө жараша өзүнүн өзгөчө ордун семантикалык мейкиндиктер катышында көрсөтөт. Кыргыз тилинде мейкиндиктер катышын алсак, башка тилдерге караганда, мейкиндик түшүнүктөрү объекттердин "катыштарынын" катары эмес, гравитациянын жардамы аркылуу объект(тер)дин жана субъекттин өз ара жайгашуусу жана кыймылдоосу аркылуу аныкталып элестетилген аймактар катары көрсөтүлөт.

1. Аныктамалар (негизги түшүнүктөр) жана гипотезалар

Аныктама 1. Объектке физикалык абдан аз күч менен таасир кылуу ал объекттин ички абалын (адам баласы үчүн эсин жана эмоциялуу көңүлүн), сөз маанисин өзгөртө алат жана ар кандай аракеттерин туудура алат.

Эреже: Ал өзгөрүүлөр жана аракеттер объекттин ички энергиясынын эсебинен аткарылат.

Бул аныктама адам баласы менен компьютерди бириктирет.

Теорема 1. Мындай физикалык абдан аз күч менен таасир кылуу сүйлөм деп аталсын. Анда бир системада көрсөтүлгөн сүйлөмдөрдүн тобу тил катары каралат.

Аныктама 2. Тил – биринчи субъект тарабынан экинчи субъекттин ички абалын өзгөртүүчү жана экинчи субъект аркылуу биринчи субъект каалаган чыныгы натыйжаларга жетүүнүн куралы катары саналат жана бир системада көрсөтүлгөн сүйлөмдөрдүн тобун түзөт.

Бул аныктама табигый жана жасалма (алгоритмдик) тилдерди камтыйт.

Бул аныктама тилди компьютерде көз карандысыз көрсөтүүнү жана аны окуп-билүүнү текшерүү мүмкүнчүлүктөрүн берет.

Гипотеза 1. Кадимки тилдеги буйрук-талап түрүндөгү текстти адам баласынын түшүнүү деңгээлин ал адамдын текстке байланыштуу чыныгы абал, жагдайларга тийиштүү аракеттеринен көрсө болот.

Гипотеза 2. Азыркы компьютердик технологиялар керек болгон бардык жагдайларды жана аларга тийиштүү адамдын түшүнүүсүн так сүрөттөөгө жана аны жүзөгө ашырууга жетиштүү мүмкүнчүлүктөргө ээ.

Бул гипотезалар математикалык түрдө элестетилген объекттерди [9, 12, 16, 19, 20] жана башка жардамчы объекттерди компьютерде көрсөтүү тажрыйбаларынан ыраста лат.

Гипотеза 3. Интеллектуалдык системалардын бир катар маселелеринде курчап турган дүйнөнүн маалыматтар моделин түзүү бүдөмүк элестетүүлөрдүн негизинде объекттердин ишаракет чөйрөсү жана алардын ортосундагы убакыт мейкиндик катышын баяндоодон турат.

Демек, белгилүү болгондой, кабылдоого дал келүүчү объекттивдүү касиеттердин негизинде адам бул катышты психофизиологиялык шкаланын жардамы менен баалайт.

Гипотеза 4. Ар бир "түшүнүк" үчүн аны туура көрсөтүүчү математикалык моделдер жашайт. Ал моделдердин эң зарыл, башкача айтканда, жөнөкөй түрү бар.

Биринчи деңгээлде, математикалык модел көптүктөрдөн, аларды өзгөртүүлөрдөн жана алардын убакыттык тартипти камтыган бири-бирине болгон көз карандылыктан жана кесилиш шарттарынан турат.

Экинчи деңгээлде, математикалык модел математикалык мейкиндиктен, ал мейкиндиктеги объекттердин жалпы касиеттеринен, объекттер менен мүмкүн болгон амалдардан жана алардын бири-бири менен убакыттык тартиптеги мамилелеринин шарттарынан турат.

Гипотеза 5. Убакыт-мейкиндик катыштарын сүрөттөө үчүн эң ылайыктуу аппарат болуп лингвистикалык өзгөрмөлөр аппараты саналат.

Лингвистикалык өзгөрмө түшүнүгүнүн негизги өзгөчөлүгү жөнөкөй математикалык өзгөрүлмөлөргө караганда, өзгөчө жогорку деңгээлдеги өзгөрмө болуп саналат. Демек, мейкиндиктер катышынын чегинде лингвистикалык өзгөрмөнүн мааниси: ЖОГОРУ, ӨЙДӨ, СОЛ, ОҢ, АЛЫС, ЖАКЫН, АСТЫ ж.б. түрлөргө жиктелет.

Мейкиндиктер абалын аныктоо боюнча лингвистикалык өзгөрүлмөлөрдү киргизсек, анда маселен: ЧОКУНУН ҮСТҮНДӨ, ТООНУН ҮСТҮНДӨ жана башка ушу сыяктуу мисалдарды келтирсек болот.

(Чоң) Y нерсеси жана (кичине) X нерсеси берилсин. Кыргыз тилинде атайын F_1, F_2, ... функциялары Y нерсесине байланган мейкиндиктин аймактарын жасайт. Мисалы: F_1 үстүнкү аймак болсун. Анда $X\hat{I}F_1(Y)$ ара катышы

"X нерсеси Y нерсесинин ҮСТҮНДӨ жатат" деп жазылат.

2. Бүдөмүк логикалык мейкиндиктер катышын визуалдаштыруу

Мейкиндиктер моделин окшоштук жактан кароодо тегиздиктеги катышка аймактык катышты кошуу менен үч өлчөмдүктөгү мейкиндиктер катышын окшоштуктары боюнча оной алууга болот, мисалы, ЖОГОРУ, ҮСТҮ, ЖАНЫ, АСТЫ, ТӨМӨН ж.б.

Үч өлчөмдүү мейкиндикте бүдөмүк катыштагы логикалык көбөйтүндүүлөрдү колдонуу менен бийиктиги боюнча мурда киргизилген аралык катышы

жана тегиздиктеги ориентация аркылуу өз ара бүдөмүк жайгашкан объекттердин катышын аныктоого болот. Мисалы, *a1ден* АЛЫС, *a2 ден* КИЧИНЕ ӨЙДӨ *жана* ОҢ ЖАК АСТЫНДА.

Л.Задени аркалап, Д.А. Поспеловдун мейкиндик логикасынын негизинде биз лингвистикалык өзгөрмөлөрдү киргизсек, анда: $d_{i,j} = 1,2,...,M$ - «*a* жана *b* объекттеринин аралыгы» $j = 5$ - «ӨТӨ АЛЫС», $j = 4$ - «АЛЫС», $j = 3$ - «АНЧА АЛЫС ЭМЕС - АНЧА ЖАКЫН ЭМЕС», $j = 2$ - «ЖАКЫН», $j = 1$ - «ӨТӨ ЖАКЫН», $j = 0$ - «ТИЙИШҮҮ» маанилери болсун дейли. Демек биз төмөнкүдөй катыштардын көптүгүн алабыз: $(a1\ dj\ a2)\ \grave{U}\ (a1\ di\ a3)\ \grave{U}\ (j=i+1)$, мына буга ылайык: *a2* АЛЫС *a1ден, a3 караганда a1ден* АЛЫС.

Ушу сыяктуу эле: $(a1\ dj\ a2)\ \grave{U}\ (a1\ di\ a3)\ \grave{U}\ (j=i-1)$ - *a3 караганда a2* ЖАКЫН *a1ге*. Мына ушинтип $(a1\ dj\ a2)\ \grave{U}\ (a1\ di\ a3)\ \grave{U}\ (j > i+1)$ шартын *a3 караганда a2* БИР КЫЙЛА АЛЫС *a1ден* деп түшүндүрсөк болот.

Ошентип, мейкиндиктер аймагында биз сфералык координаталар системасында окшош объекттер арасындагы так эмес бүдөмүк катыштардын системасын алабыз.

Каралган типтеги катыш экстенциалдыкка теешелүү. Кандайдыр бир аймактын мейкиндиктер моделин түзүүдө объекттердин арасына интенционалдык катышты киргизүүбүз зарыл.

Эки унардык: R_{00} – горизонталдык жана R_{01} – вертикалдык жана ошондой эле бир канча бинардык катыштарды сунуштайбыз. Мисалы, мейкиндик аймагын сүрөттөө үчүн төмөнкүдөй бинардык катыштарды пайдаланышыбыз мүмкүн:

R_1-ЖАНАШУУ;
R_2 - ИЧИНДЕ;
R_3 - СЫРТЫНДА;
R_4 - ОРТОСУНДА;
R_5 - БИР ТҮЗ СЫЗЫКТА;
R_6 - БИР ТЕГИЗДИКТЕ;
R_7 - НОЛ ЭМЕС ПРОЕКЦИЯДА,
R_8 - БЕТИНДЕ. Мындан жогорку катыштарды белгилеп көрсөтсөк болот, R_1, R_5 жана R_6 *симметриялуу*, ал эми R_2 жана R_3 *транзитивдүү* болуп саналат.

Коюлган маселеге (тапшырмага) жараша катыштардын тизмесин кеңейтүүгө болот. Киргизилген мейкиндиктер катышынын абалын аныкташ үчүн тиешелүү эрежелердин жардамы менен катыштардын көптүгүн тургузабыз. Мисалы, R_8 *катышы*: a_2 турат a_1 дин ҮСТҮНДӨ, ал, S бетине *жанашуу* аркылуу *жогору* туруу катышы *конъюнкция* жолу аркылуу түзүлөт, ошондой эле тегиздикке *тийип* турат жана *горизонталдуу* болот. Мына ошентип киргизилген интенционалдык жана экстенционалдык катыштарды колдонуу жолу аркылуу жетишээрлик татаал мейкиндиктер моделин тургузууга болот.

3. Кыргыз тилиндеги кээ бир мейкиндик түшүнүктөрүнүн математикалык моделдери

Тегиздикте жарым-туюк Үкөктү жана алыстан башкарылуучу учкан аспапты (Дрон) карайлы.

Байкоочунун координаталары $X=0$, $Y=0$, $Z=0$ болсун, өлчөмдөрү $a'b'c$ болгон Үкөктүн координаталары $(-a/2\pm X \pm a/2)\grave{U}(d \pm Y \pm d+b)\grave{U}(0\pm Z \pm c)$ болсун.

Анда (Л.Заденин маанисинде элес-булас сандарды (*) менен белгилейбиз):



ҮКӨКТҮН ИЧИ: $(-a/2<X<a/2)\grave{U}(d < Y <d+b)\grave{U}(0<Z<c)$

ҮКӨКТҮН СЫРТЫ: $(X<-a/2)\acute{U}(X>a/2)\acute{U}(Y<d)\acute{U}(Y>d+b)\acute{U}(Z<0)\acute{U}(Z>c)$.

ҮКӨКТҮН ЖАНЫ: $((-w^*-a/2<X<-a/2)\acute{U}(w^*+a/2>X>a/2))\grave{U}\ \grave{U}\ ((-w^*+d<Y<d)\ \grave{U}\ (w^*+d+b>Y>d+b))\grave{U}\ ((-w^*< Z<0)\grave{U}\ (w^*+c>Z>c))$,

w^* - "кичине" сан.

ҮКӨКТҮН ҮСТҮ: $(-a/2\pm X\pm a/2)\grave{U}(d \pm Y \pm d+b)\grave{U}(c<Z<c+u^*)$.

ҮКӨКТҮН АСТЫ: $(-a/2\pm X\pm a/2)\grave{U}(d \pm Y \pm d+b)\grave{U}(c- v^*<Z<c)$,

ҮКӨКТҮН СОЛ ЖАГЫ: $(-p^*-a/2\pm X\pm -a/2)\grave{U}(d \pm Y \pm d+b)\grave{U}(0\pm Z\pm c)$.

ҮКӨКТҮН ОҢ ЖАГЫ: $(-a/2\pm X\pm a/2+p^*)\grave{U}(d \pm Y \pm d+b)\grave{U}(0\pm Z\pm c)$.

$v^* <u^*$ жана p^* - "чоң" сандар.

Өлчөмдөрү ошондой эле болгон 2-Үкөктү карайлы:

$(a/2+k\pm X\pm a/2+k+a)\grave{U}(d\pm Y \pm d+b)\grave{U}(0\pm Z\pm c)$.

Анда:

ҮКӨКТӨРДҮН АРАСЫ: $(a/2<X<a/2+k)\grave{U}(d \pm Y \pm d+b)\grave{U}(0\pm Z\pm c)$.

Корутунду

Биздин изилдөөнүн негизги максаты кыргыз тилин компьютерде өз алдынча чагылдырууну улантуу болуп саналат. Өз кезегинде, ар бир тил дүйнө түзүлүшүн өзүнүн белгилүү бир кабыл алуу ыкмасы аркылуу компьютерде чагылдырат, башкача айтканда, ар бир тил ааламдашуу шартында дүйнө таануу ыкмасы аркылуу улуттук тилди дүйнөлүк коомчулукка таанытууга көмөкчү болмокчу.

Биз мейкиндиктер катышын математикалык моделдөө аркылуу кыргыз тилин маалыматтык технологиялардын жетишкендиктерин колдонуу менен терең жана кеңири изилдөө пайдалуу болот

деп ишенебиз. Түшүнүктөрдүн математикалык жана компьютердик моделдерге негизделгөн интеллектуалдык системаларды кыргыз тилин окутуп-үйрөнүү үчүн пайдалануу болору анык.

Адабияттар

1. *Тыныстанов К.* Лексикон киргизского языка. - 1934 // Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын Кол жазмалар бөлүмү (Отдел рукописей Национальной академии наук Кыргызской Республики), Инв. 177/37-182/42, кол жазмалар 79-84.
2. "Кыргыз тилинин орфографиясы бекитүү жөнүндө" Кыргыз ССР Жогорку Советинин указы, 1953.
3. *Орузбаева Б.О.* Словообразование в киргизском языке. – Фрунзе: Илим, 1964.
4. Кыргыз адабий тилинин грамматикасы / редакторлору С. Кудайбергенов, А.Турсунов, Ж.Сыдыков. – Фрунзе: Илим, 1980.
5. *Иманалиев С., Усөналиев С.* Кыргыз тилинин справочниги. – Фрунзе: Мектеп, 1983.
6. *Садыков Т.* Проблемы моделирования тюркской морфологии. – Фрунзе: Илим, 1987.
7. Закон Киргизской ССР "О государственном языке Киргизской ССР", 1989.
8. *Zadeh L. A.* The concept of a linguistic variable and its application to approximate reasoning // Information Sciences, 1975, Vol. 8, pp. 199-249, 301-357; Vol. 9, pp. 43-80.
9. *Панков П., Баячорова Б., Жураев М.* Кыргыз тилин компьютерде чагылдыруу. – Бишкек: Турар, 2010. – 172-б.
10. *Ысакулов К.* Английские предлоги со значением пространства и их функциональные соответствия в кыргызском языке. Автореф. диссертации … канд. филол. наук. – Бишкек: 1995. – с. 20
11. *Панков П.С.* Обучающая и контролирующая программа по словоизменению в кыргызском языке на ПЭВМ. – Бишкек: Мектеп, 1992. – с. 20
12. *Борубаев А.А., Панков П.С.* Компьютерное представление кинематических топологических пространств. - Бишкек: КГНУ, 1999.
13. *Дербишева З.К.* Языковое восприятие пространства (статья вторая из цикла «Кыргызский этнос в зеркале языка») //http://www.kyrgyz.ru/articles/kyrgyz/zk_derbisheva_yazykovoe_vospriyatie_prostranstva_statya_vtoraya_iz_tsikla_kyrgyzskiy_etnos_v_zerkale_yazyka/
14. *Панков П.С., Орузбаева Б.О.* Проект: компьютеризация государственного языка в Кыргызстане // Информационные и коммуникационные технологии для развития: Материалы Первого Национального Саммита. - Бишкек: 2001. - с. 156-159.
15. *Мусаев С.Ж.* Жалпы тил илими. – Бишкек: КМУУ, 1998. – 211-б.
16. *Karabaeva S., Dolmatova P.* Mathematical and computer models of spatial relations in Kyrgyz language // Proceedings of V Congress of the Turkic World Mathematicians. - Bishkek: Kyrgyz Mathematical Society, 2014, pp. 175-178.
17. *Karabaeva S.* Peculiarities of spatial relations in Kyrgyz language // Abstracts of the Issyk-Kul International Mathematical Forum. - Bishkek: Kyrgyz Mathematical Society, 2015, p. 79.
18. *Karabaeva S.* Presentation of spatial-temporal relations in Kyrgyz language // Труды международной конференции по компьютерной и когнитивной лингвистике TEL-2016. – Казань: Изд-во Казанского ун-та, 2016. – с. 274-277.
19. *PankovP.S., Karabaeva S.J.* Mathematical and computer models of spatial concepts in Kyrgyz language // Интернет-журнал ВАК КР, 2016, № 3. – с. 7
20. *Карабаева С. Ж.* Виртуальные геометрические объекты, создаваемые глаголами в кыргызском языке // В мире науки и искусства: вопросы филологии, искусствоведения и культурологии: сб. статей по материалам LXVI междунар. научно-практ. конф. № 11(66). – Новосибирск: СибАК, 2016. – с. 74-79.
21. *Карабаева С. Ж.* Особенности пространственных понятий в кыргызском языке // В мире науки и искусства: вопросы филологии, искусствоведения и культурологии: сб. статей по материалам LXVI междунар. научно-практ. конф. № 11(66). – Новосибирск: СибАК, 2016. – с. 80-85.
22. *Валиева Л. Г.* Обстоятельственные отношения ситуативного плана в тюркских языках // Вестник Северо-Восточного федерального университета им. М.К. Аммосова, 2014, том 11, выпуск № 5.
23. *Поспелов Д.А.* Логико-лингвистические модели в системах управления. - М: Энергоатомиздат, 1981.

УДК 398-930

"Манас"эпосу менен орхон-энесай жазма эстеликтериндеги тилдик окшоштуктар (барк, олут сөздөрүнүн мисалында)

Усеев Н., док. (PhD), Түркология бөлүмүнүн доцентинин милдетин аткаруучу, Кыргыз-Түрк "Манас" университети

"Манас" эпосунун идеялык-көркөмдүк, стилистикалык өзгөчөлүктөрүн, генезисин, тилин, образдар сис темасын жана андагы этнографиялык-тарыхый маалыматтарды изилдөөгө алган окумуштуулар бул эпос менен байыркы түрк жазма эстеликтеринин ортосундагы окшоштуктарга көңүл бурушкан. Биз бул макалада "Манас" эпосу менен орхон жазма эстеликтеринин ортосундагы айрым тилдик окшоштуктарга токтолдук. Мисалы, эпостун эки жеринде учураган барк сөзү ушул күнгө чейин кадыр-барк деп которулуп келген. Бирок бул маани контекстке туура келбейт. Ошол эле учурда барк сөзү орхон жазма эстеликтеринде күмбөз, мүрзөнү билдирет. Биздин оюбузча, "Манастагы" барк сөзү да күмбөз, мүрзө деген маанини берет. Муну текстердин жалпы мааниси да тастыктайт.

Негизги сөздөр: "Манас" эпосу, орхон-энесай жазма эстеликтери, барк, көптүк мүчө, олут.

Языковые сходства между эпосом "Манас" и орхоно-енисейских надписей (на примере слов "барк", "олут")

Ученые, изучавшие эпос "Манас", отмечали его сюжетную, идейно-художественную близость с орхоно-енисейскими надписями. В данной статье мы рассмотрели некоторые языковые сходства между эпосом "Манас" и орхонскими надписями. Например, слово «барк», которое встречается в эпосе в двух местах, до сегодняшнего дня было переведено как почесть. Но такое значение неподходит контексту. В то же время в орхонских надписях слово «барк» означает мавзолей, поминальное сооружение. По нашим данным, слово "барк" в эпосе "Манас" тоже имеет такое значение. Общий смысл текстов подкрепляет нашу гипотезу.

Ключевые слова: эпос "Манас", орхоно-енисейские надписи, барк, суффикс множественного числа, олут.

Language similarities between the epic «Manas» and the Orkhon-Yenisey inscriptions (for example words of barq, olut)

Abstract: Scientists, who have studied the epic "Manas" noted story, ideological and artistic affinity with the Orkhon-Yenisei inscriptions. In this report, we looked at some linguistic similarities between the epic «Manas» and Orkhon inscriptions. For example, the word **bark**, which appears in the epic in two texts until today has been translated as *honor*. But this meaning is not appropriate to the context. At the same time, in the Orkhon inscriptions the word **bark** means *mausoleum, memorial construction*. According to our data the word **bark** in the epic "Manas", too, has of such meaning. And the general meaning of the texts supports our hypothesis.

Key words: the epic "Manas", Orkhon inscriptions, bark, plural suffix, olut.

Киришүү

"Манас" эпосунун идеялык-көркөмдүк, стилистикалык өзгөчөлүктөрүн, генезисин, тилин, образдар системасын жана андагы этнографиялык-тарыхый маалыматтарды изилдөөгө алган окумуштуулар бул эпос менен байыркы түрк жазма эстеликтеринин ортосундагы окшоштуктарга көңүл бурушкан. Мисалы, П.А.Фалев "Манас" эпосунун башталышы менен Көл Тигин жазма эстелигинин киришүү бөлүмүнүн ортосундагы окшоштукка токтолуп, "Манас" эпосу менен орхон жазма эстеликтерин салыштырып изилдөө керек деп белгилейт [1]. М.Ауэзов "Манас" эпосу менен орхон жазма эстеликтеринин мазмундук окшоштуктарын (согуш сахналары, эпитафиялар менен эпостун ичиндеги кошоктор) айтып келип, мындай жыйынтык чыгарат: в результате всего высказанного можно сделать вывод о необходимости и важности изучения текстов "Манаса" в сопоставлении с древними надписями и существовавшими до недавнего времен бытовыми песнями киргизов [2].

П.А.Трояков байыркы түрк жазма эстеликтери менен эпосторду салыштырып изилдөөдө айрым сөздөрдүн, фразалардын маанисин кайрадан тактап чыгуу зарыл деп белгилесе [3], Р.З.Кыдырбаева байыркы түрк жазма эстеликтери менен "Манас" эпосун салыштыруунун аркасында кыргыз тилине гана таандык айрым тилдик элементтерди чыгаруу мүмкүн экендигин жазат [4]. С.С.Жумалиев "Манас" эпосунун лексикалык курамында орхон-

энесай текстторинде кездешкен 694 сөздүн 439 сөзү жолукканын белгилейт [5]. А.Акматалиев орхон-энесай жазма эстеликтерин адабий чыгарма катары изилдөөгө алган макаласында "Манас" эпосу менен Көл Тигин жазма эстелигинин байланышына токтолуп мындай дейт: *Атайылап көңүл бурган окурман эки мурастын мазмуну гана окшош эместигин, ошондой эле айрым саптар да далмадал келгендигин байкай алат* [6]. Биз бул макалада эки мисал аркылуу "Манас" эпосу менен орхон-энесай жазма эстеликтеринин ортосунда тилдик окшоштуктардын бар экендигин көргөзгөнгө аракет кылдык.

1. Барк сөзү

"Манас" эпосу негизинен Манас баатырдын жашоосун, анын эрдиктерин чагылдырган баатырдык эпос болгонуна карабастан, байыркы кыргыздардын, Орто кылымдардагы түрк урууларынын жашоо образын, маданиятын, ишенимин да камтыган энциклопедия өзгөчөлүгүнө ээ. Маданий өзгөчөлүктөргө, элдик ишенимге, этнографияга байланыштуу маалыматтар күнүмдүк турмуш сүрөттөлгөн текстторде орун алган. Мисалы, "Көкөтөйдүн ашы" аттуу бөлүм. Бул бөлүмдө кыргыздардын, байыркы түрк урууларынын өлүмгө байланыштуу ишенимдери, аш өткөрүү каадалары жана оюндары берилген. Мына ушул бөлүмдө өлүм оозунда жаткан Көкөтөй уулуна керээз калтырат. Анын керээзинде төмөнкүдөй саптар бар: *Атакемдин өлүгүн, Киргизем - деп,* ***барыкка,*** *Кабар салып барбасын, Караңгы менен жарыкка!; Кыргыз менин өз журтум, Бүлдүрбөсүн теги - деп. Бүлдүргөн менен өлүктүн, Тирилип келмек наркы жок, Зөөкүрлүк кылбай тим көмсүн, Сөөгүмдү көмсүн* ***баркы*** *жок.* [7].

Жогорудагы текстторде **барык/барк** сөздөрү колдонулган. Мындай сөз азыркы кыргыз тилинде учурабайт. «"Манас" эпосунун түшүндүрмө сөздүгүндө» да каралган эмес. Негизинен бир тилдеги сөздөрдүн маанисин башка тилге которуу учуруида аныктап алуу мүмкүн. Ошол сыңары, "Эпос народов СССР" аттуу белгилүү сериянын алкагында 1990-жылы орус тилинде жарыяланган "Манас: киргизский героический эпос, 3 книга" деген китепте жогорудагы саптар орус тилине төмөнкүдөй которулган: *Думая: "Останкам моего отца, Окажу я* ***почет****", Пусть он с вестью не едет, Ни туда, где темень, ни туда, где свет!; Умершего все равно, Хоть разорится, он не оживит, Пусть без байских выходок, по-простому схоронит, Пусть без особых* почестей мои останки погребет [8].

Каралып жаткан сөз бул текстторде почесть деп которулган. Башкача айтканда, **барык/барк** сөзү азыркы кыргыз тилиндеги **кадыр-барк** сөзү катары кабыл алынган. Бирок "Киргизем деп барыкка" сабын "Окажу я почет" деп которуу эч мүмкүн эмес. Себеби бул сапта **барык** деп аталган жайга, орунга өлүктү киргизүү тууралуу сөз болуп жатат.

Бардык түрк элдерине таандык орток жазма тилдин эң байыркы жана эң маанилүү далили – бул байыркы түрк жазма эстеликтери. Азыркы күндө жыйырмага жакын жазма тилди колдонгон түрк элдери тилдеринин, жазма адабиятынын тарыхын аталган жазма эстеликтерден башташып, тарыхын жана маданиятынын уюткусун бул жазма эстеликтер жазылган доордон издешет. Мына ушул байыркы түрк жазма эстеликтеринде колдонулган **барк** сөзү *күмбөз, мүрзө жана үй, турак-жай* деген маанилерди берет: Аңар адынчыг **барк** йаратуртум, ичин-ташын адынчыг бедиз уртуртум *(Аларга укмуштуудай күмбөз курдурдум, ичине жана тышына укмуштуудай сүрөт, айкелдерди жасаттым)* (Көл Тигин, түштүк бет, 12); Эбин, **баркын** буздум (Үйүн, турак-жайын талкаладым) (Билге Каган, түштүк бет, 34) [9,10]. Ушундан улам "Манас" эпосундагы барк сөзүн орхон жазма эстеликтериндеги **барк** сөзүнүн изи катары эсептеп, *күмбөз, мүрзө* деп түшүндүрсөк болот. Муну текстердин жалпы контексти да тастыктайт. Алсак, биринчи текстте Көкөтөй уулу Бокмурун анын өлүгүн барыкка, башкача айтканда, күмбөзгө киргизем деп убара болбосун десе, экинчи текстте сөөгүн күмбөзсүз, барксыз көмсүн деп сунуштап жатат.

Күбө болгонубуздай, "Манас" эпосунда орхон жазма эстеликтериндеги, тагыраак айтсак, Көл Тигин жана Билге Каган жазма эстеликтериндеги **барк** сөзү **барк** жана **барык** түрүндө учурап, жазма эстеликтердегидей *күмбөз, мүрзө* деген мааниге келет. Байыркы түрк жазма эстеликтериндеги бул сөздүн кыргыз тилинде колдонулбай, жалгыз гана "Манас" эпосунда сакталып калышы, эпостогу мааниси белгисиз бир сөздүн орхон жазма эстеликтери аркылуу чечмелениши "Манас" эпосунда тарыхый түрк тилдерине таандык тилдик каражаттардын сакталып калганын жана "Манас" эпосу менен байыркы түрк жазма эстеликтеринин ортосунда тыгыз байланыш бар экендигин тастыктайт.

2. Олут сөзү жана байыркы +т көптүк мүчөсү

"Манас" эпосундагы бир топ сөз азыркы кыргыз тилинде колдонулбайт. Ошондуктан кыргыз тилинин сөздүктөрүндө жана лексикологиялык изилдөөлөрдө каралган эмес. Ошондой сөздөрдүн бири – бул **олут** сөзү. Аталган сөз азыркы кыргыз тилинде учурабаса да "Манас" эпосунда уулдар, тукум деген мааниде орун алган: *Он эки уруу кыргыздын,* ***Олутун*** *жоктоп кыйналдым, Аларды санап ыйладым. Кенже иним Жакып дегенде, Күндө үч убак ыйладым, Күйүттөн жанды кыйбадым, Ошондон бери бир жүрүп, Ороздуну сыйладым* [11].

Кыргыз тилинде колдонулбаган, демек кыргыз тилинин сөз байлыгын камтыган сөздүктөрдө орун албаган, «"Манас" эпосунун түшүндүрмө сөздүгүндө» чечмеленбеген бул сөздүн маанисин бир гана эпостогу текстти жалпы маанисинен чыгаруу мүмкүн. Контекстке караганда **олут** сөзү *уулдар, тукум* деген маанилерди чагылдырганы чындыкка жакын. Себеби, бул текстте кытайлар

тарабынан ар кайсы жерге сүрүлгөн кыргыздардын, анын ичинде бир туугандар Жакып менен Байдын абалы сүрөттөлгөн. Жогорудагы саптарды Бай айтып, ал өз сөзүндө сүргүнгө айдалган он эки уруу кыргыздын уулдары эмне болгонун ойлоп кайгырганын, аларды бир-бирден санап ыйлаганын айтып жатат. **Олут** сөзүндө көптүк маани азыркы кыргыз тилиндеги көптүк мүчө милдетин аткарган **+лар** мүчөсү менен эмес, байыркы түрк / кыргыз тилине таандык **+т** мүчөсү менен чагылдырылган. Бул тууралуу кенен маалымат төмөндө берилмекчи.

Олут сөзү, биздин оюбузча, байыркы түрк жазма эстеликтериндеги **оглыт** сөзүнүн эпостогу изи. **Оглыт** сөзү Көл Тигин жана Билге Каган жазма эстеликтеринде учурайт: Анта кисре иниси каган болмыш эринч, оглыты каган болмыш эринч (Андан кийин иниси каган болуптур, уулдары каган болуптур) (Көл Тигин, чыгыш 4 – 5); Анта кисре иниси каган болмыш эринч, **оглыты** каган болмыш эринч *(Андан кийин иниси каган болуптур, уулдары каган болуптур)* (Билге Каган, чыгыш 5) [12]. Окумуштуулар бул сөздүн **огыл** (уул) уңгусунан жана көптүк маани билдирген **+Х**тмүчөсүнөн түзүлгөнүн белгилешет[13; 14; 15]. Байыркы түркчө **оглыт** сөзүнүн "Манас" эпосунда олут болуп өзгөрүшүнүн тилдик себеби төмөнкүчө: алгач **оглыт** сөзүнүн экинчи муундагы эринсиз **ы** тыбышы биринчи муундагы эринчил **о** тыбышынын таасиринде эрин күүсүнө ылайык эринчил **у** тыбышына айланган: **оглыт>оглут.** Ушул учурда биринчи муундагы **г** үнсүзү түшүп калган: **оглут>олут.**

Түрколог окумуштуулар байыркы түрк жазма эстеликтериндеги **оглыт** (жекелиги **оглан**), **таркат** (жекелиги **таркан**), **йылпагут, тигит** (жекелиги **тигин**), сенүт (жекелиги сенүн) сөздөрүндө байыркы түркчө **+Хт** көптүк мүчөсүнүн орун алганын белгилешет[16]. Бул мүчө азыркы түрк тилдеринде айрым гана калыпташкан сөздөрдө сакталып калган. Мындан башка якут тилинде биринчи жана экинчи жактын таандык көптүк түрүндө колдонулат: **агабыт** (атабыз), **агагыт** (атаңыз) [17].

Кыргыз тилинде бул мүчө *айыл аймагы, регион* дегенди билдирген **элет** сөзүндө сакталган. "Манас" эпосунда жогоруда сөз болгон олут сөзүндө жана сакыт сөзүндө учурайт: *Он эки уруу кыргыздын,* ***Олутун*** *жоктоп кыйналдым, Аларды санап ыйладым. Кенже иним Жакып дегенде, Күндө үч убак ыйладым, Күйүттөн жанды кыйбадым, Ошондон бери бир жүрүп, Ороздуну сыйладым; Атаңардан калган жол, Айрыларсың дининден, Ошо жактан* ***сакыт*** *бол, Бу Манастын дарты бар, Урушуп жеңип алганды, Мусулман кылар шерти бар* [18;19].

Олут сөзү жогоруда каралды. **Сакыт** сөзүнүн уңгусу – бул **сак** сөзү. Аталган сөз *этият, абай* маанилерин берет [20]. К.К.Юдахин **сакыт** сөзүн түшүндүрүүдө сак сөзүнө шилтеме жасаган [21]. Башкача айтканда, *сак, этият* деген маанини билдирет. Бул сөздөгү **+ыт** мүчөсү олут сөзүндөгү **+ут** мүчөсү сыяктуу көптүк мүчө болушу ыктымал. Милдети – айтылып жаткан нерсени, түшүнүктүү күчөтүү. **Сакыт** сөзүндө *өтө сак, абдан* этият дегенди билдириш үчүн колдонулган. Себеби түрк тилдеринде көптүк мүчөнүн маанини кеңейтүү, тереңдетүү, ал тургай апыртуу касиети бар [22]. Ошондуктан биз **сакыт** сөзүндөгү **+ыт** мүчөсүн байыркы көптүк мүчөнүн изи катары бааласак болот.

Байыркы түрк жазма эстеликтеринен эки жазма эстеликте учураган, бирок кийинки тарыхый түрк тилдеринде жана азыркы түрк тилдеринде колдонулбаган **оглыт** сөзүнүн "Манас" эпосунда **олут** түрүндө бир жерде орун алышы жана байыркы **+т** көптүк мүчөсүн камтышы – бул "Манас" эпосу жалгыз гана кыргыз тилинин эмес, жалпы түрк тилинин архаикалык элементтерин сактап калган эпос экендигин көргөзгөн баалуу далил.

Жыйынтык

"Манас" эпосунун өзөгүн, эпосто сүрөттөлгөн жашоонун жана маданияттын негизин VII – X кылымдар арасындагы байыркы кыргыз / түрк доору, бул доорго таандык маданият түзгөндүктөн эпосто байыркы кыргыз / түрк маданиятына байланыштуу көрүнүштөр орун алган. Эпосто байыркы кыргыз / түрк дооруна таандык жашоо, ырым-жырымдар, маданий кубулуштар, коомдук көрүнүштөр, каада-салттар орун алгандан кийин аларды чагылдырган сөздөрдүн болбой коюшу мүмкүн эмес. Байыркы түрк дооруна, маданиятына таандык көрүнүштөрдү, кубулуштарды чагылдырган бул сөздөрдүн айрымдары жаңы сөздөр менен алмашылса да айрымдары байыркы вариантын сактап калган. Байыркы вариантын сактап калган мындай сөздөр азыркы кыргыз тилинде колдонулбайт. Ошондуктан ал сөздөрдүн чыныгы мааниси окурмандарга белгисиз болуп, котормочулар тарабынан туура эмес которулуп, окумуштуулар калыс түшүндүрмө беришкен. Мисалы, эпостогу "Атакемдин өлүгүн киргизем деп барыкка", "Сөөгүмдү көмсүн баркы жок" саптарындагы **барк** сөзү эпостун орусча котормосунда почесть деп түшүндүрүлгөн. Себеби азыркы кыргыз тилиндеги **барк** сөзү ушундай мааниге ээ. Бирок, бул маани **барк** сөзүнүн текст ичиндеги маанисине эч туура келбейт. Ушундан улам, эпостогу мааниси такталбаган айрым сөздөрдүн маанисин, өзгөчө, маданий, этнографиялык көрүнүштөрдү, кубулуштарды чагылдырган сөздөрдүн маанисин байыркы түрк жазма эстеликтери аркылуу гана такстоо мүмкүн. Мисалы, жогорудагы барк сөзү Орхон жазма эстеликтеринде күмбөз, мүрзөнү билдирет. Бул маани эпосттогу **барк** сөзү жайгашкан текстти жалпы маанисине да дал келет. Себеби аталган текстте сөөк коюла турган жай жөнүндө сөз болуп жатат.

Адабияттар

1. *Фалев П.* Как строится кара-киргизская былина // "Манас" – героический эпос киргизского народа. – Фрунзе: 1968. – с. 49-55.
2. *Ауэзов М.* О времени возникновения эпоса "Манас" // Энциклопедический феномен эпоса "Манас". – Бишкек: 1995. – с. 149-174.
3. *Трояков П. А.* Аналогии героическому эпосу тюркоязычных народов в орхоно-енисейских памятниках // Фольклор и историческая этнография. – М.: Наука, 1983. – с. 74-88.
4. *Кыдырбаева Р.З.* Генезис эпоса "Манас". – Фрунзе: Илим, 1980. – с. 112.
5. *Жумалиев С.С.* Манас эпосунун лексикасынын хроно-топологиялык стратификациясы. – Бишкек: 2015. – 77-бет.
6. *Акматалиев А.* Орхон-энисей жазма эстеликтери // Кыргыз адабиятынын тарыхы. Байыркы жана кол жазма адабияты. Адабият таануу. IV том (А.Акматалиевдин жалпы редакциясы астында) – Бишкек: 2002. – 19-32-беттер.
7. Манас: баатырдык эпос (С Орозбаков), VIII жана IX китептер (даяр: Мусаев С. ж.б.). – Бишкек: Кыргыз улуттук илимдер академиясы, 2014. № 18, 24-б.
8. Манас: киргизский героический эпос / Пер.: А.С.Мирбадалевой, Н.В.Кидайш-Покровской. Кн. 3. – М.: Главная редакция Восточной литературы, 1990. – с. 254, 267.
9. *Alyılmaz Cengiz.* Orhun Yazıtlarının Bugünkü Durumu. – Ankara: 2005. – 31, 131-беттер.
10. *Tekin Talat.* Orhon Yazıtları. 3.baskı. – Ankara: TDK yay, 2008. – 22-23-беттер.
11. Манас: баатырдык эпос (С. Орозбаков). I китеп, (даяр: Мусаев Самар ж.б.). – Бишкек: Кыргыз улуттук илимдер академиясы, 1995. – 289-бет.
12. *Tekin Talat.* Orhon Yazıtları. 3.baskı. – Ankara: TDK yay, 2008. – 24-25; 50-51-беттер.
13. *Alyılmaz Cengiz.* Orhun Yazıtlarının Söz Dizimi. – Erzurum: 1994. – 39-бет.
14. Кононов А. Н. Грамматика языка тюркских рунических памятников (VII – IX вв.). – Л.: 1980. – с. 147.
15. *Tekin Talat.* Orhon Türkçesi Grameri. – İstanbul: 2003. – 102-бет.
16. *Gabain A.* Von. Eski Türkçenin Grameri (çev.: Akalın, Mehmet). III. Baskı. –Ankara: 2000. – 62-бет.
17. *Тенишев Е. Р.* ж.б. Сравнительно-историческая грамматика тюркских языков. Морфология. – М.: Наука, 1988. – С. 13.
18. Манас: баатырдык эпос (С Орозбаков). I китеп (даяр: Мусаев Самар ж.б.). – Бишкек: Кыргыз улуттук илимдер академиясы, 1995. – 289-бет.
19. Манас: баатырдык эпос (С Орозбаков). V китеп (даяр: Мусаев Самар жана Медералиева Ж.). – Бишкек: Кыргыз улуттук илимдер академиясы, 2006. – 468-бет.
20. *Юдахин К.К.* Киргизско-русский словарь. II книга. – М., 1985. – с. 123.
21. *Юдахин К.К.* Киргизско-русский словарь. II книга. – М., 1985. – с. 125.
22. *Bangoğlu Tahsin.* Türkçenim Grameri. – Ankara: 1986. – 323-б.

УДК: 894.341:82.03(575.2)(04)

Кыргыз маданиятын аздектеген акын

Сыдыкова Р., филол. илим. канд., доцент, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин алдындагы Мамлекеттик тил жана маданият институту

Макалада акын, котормочу, драматург жана прозачы Эрнис Турсуновдун чыгармачылык чебердигине сереп салынат. Акын кыргыз элинин салттуу маданиятын бекем тутунган жана аны жеке жашоосунда да, өз чыгармачылыгында да аздектегени айтылат. Ал Батыштан Шекспирден Гётеге, орус адабиятынан Пушкинден Есенинге чейинки атактуу акындардын чыгармаларынын мыкты котормочусу катары элге кеңири белгилүү. Турсунов кыргыз тилинин гүлдөп өнүгүшү үчүн зор эмгек кылган акын. Акыркы жылдары «Ата Журт» аттуу тарыхый романы менен да белгилүү болду.

Негизги сөздөр: көркөм котормо, драматургия, акындык шык, ар-намыс, репрессия, тарыхый роман.

Поэт, воспевший кыргызскую культуру

В статье анализируется мастерство поэта, переводчика, драматурга и прозаика Эрниса Турсунова. Поэт глубоко знал традиционную культуру кыргызов и чтил её традиции как в творчестве, так и в быту. Турсунов широко известен читательской аудитории как один из лучших переводчиков творений Шекспира и Гёте, Пушкина и Есенина. Поэт также останется в истории страны как один из ярких деятелей, оставивших след в развитии и популяризации классического кыргызского языка и литературы. В последние годы Турсунов стал известен и как прозаик, написав нашумевший роман «Ата Журт» («Отечество»).

Ключевые слова: художественный перевод, драматургия, поэтическое мастерство, репрессия, исторический роман.

The Poet Who Praised Kyrgyz Culture

The article gives a detailed analysis of excellence of the poet, playwriter and novelist Ernis Tursunov. The poet have honored Kyrgyz traditional culture in his writings as well as in his everyday life. Tursunov is well known as translator of Shakespeare, Goethe, Pushkin and Esenin, he will also stay in country's history as a person who did very much for development and popularization of Kyrgyz language and classical literature. At the last years Tursunov became known as novelist also, with his "Ata Joort" novel ("Fatherland").

Key words: literary translation, playwriting, poetic excellence, repression, historical novel

Кыргыздын көпчүлүк акындарына караганда акын Эрнис Турсуновдун адабиятка келиши да, анын жекече тагдыры да өз заманынын эң урунттуу учурундагы өмүр шардабында башкалардан бөтөнчө болгонун көрөбүз. Мындай дегенибиз, совет элинин, анын ичинде кыргыз интеллигентеринин дээрлик бардыгы жапа чеккен репрессия учуру кичинекей Эрнистин башына да мүшкүл түшүргөн. Анткени акын ошол каргашалуу отузунчу жылдардын тушунда 1935-жылы 24-августта Фрунзе шаарында интеллигенттин үй-бүлөсүндө туулат. Атасы Нурдин Серкебаев «Кыргызмамбастын» директору болуп кызмат аткарып, ошол кездеги китепке суусап турган кыргыз элине алгачкы китептерди, окуу куралдарды чыгаруунун үстүндө иштеп жаткан кез эле. Кандуу репрессия Нурдин Серкебаевди да жөн койгон эмес, ал жалган жалаага кабылып, 28 жаш курагында атууга кетет. Эрнис атасынын сөөгүн кийин «Ата Бейиттен» тапкан. Жетимчеге оңдой берди болуп, ар-намыстуу, акыл-эстүү адам, партиялык, советтик кызматкер Кененбай Турсунов анын экинчи атасы болуп калат. Ата-энеси менен ал Кыргызстандын эң кооз, асылзада жерлерин кыдырып, саякаттап жүргөндөй өсөт. Акындын алгачкы чыгармасы «Ак-Сууга саякат» деп аталышынын жөнү да ошондон улам болуу керек. Анткени экинчи атасы кызматы боюнча Ысык-Көл обкомунун бөлүм башчысы, Ысык-Көл, Тоң, Тогуз-Торо райкомдорунун биринчи катчысы кызматтарында иштеген. Энеси Сабира Телтаева – Турсунова жогорку билимдүү аял болгондуктан, уулуна колдон келишинче жакшы тарбия берүү аракетин жасайт. Экинчи атасы да балага абдан камкор ата болуп чыгат. Ушундай жашоо шартынын жана интеллигент үй-бүлөнүн тарбиясында өскөн бала жаштайынан зээндүү өсөт. Акындык шыгы да эрте ойгонот. Анткени адабият дүйнөсү менен эрте таанышып, орус

жана дүйнө адабиятын окуп калгандыктан, китеп окуу маданиятына эрте көнүгүп, чаржайыт билим албастан системалуу билим алуу менен тарбияланат. Турсуновдун эң алгачкы чыгармасы анын он эки жашында эле жарыкка чыккан. 1948-жылы алгач ирет жарыкка чыккан чакан аңгемесин "Ак-Сууга саякат" деп атаган. Андан кийинки чыгармасы, "Тынчтык үчүн" деген биринчи ыры 1950-жылы чыккан. Студенттик кезде жазган "Гүл" деген ырлар жыйнагы 1956-жылы жарык көргөн. "Достук сыры" прозалар жыйнагы 1957-жылы жарыкка чыккан. Эрнис Турсунов Кыргыз мамлекеттик университетин жана Москвадагы М.В. Ломоносов атындагы университетти бүтүрөт. Ал окуусун бүтүргөндөн тартып маданият, искусство жаатындагы кызматтарда иштейт. Искусство иштери боюнча Башкы башкармалыгынын жетекчисинин орун басары, Кыргыз театрларынын репертуарлары боюнча башкы редактор, "Кыргызфильм" киностудиясынын сценарий бөлүмүнүн башчысынын орун басары, Тажикистан жана Кыргызстан мектептеринде орус, кыргыз тилдеринен мугалим, "Мектеп" басмасында улук редактор, "Ала-Тоо" журналында бөлүм башчы, Кыргыз телерадиокомитетинде башкы редактордун орун басары, Кыргыз академиялык драма театрында адабий бөлүмдүн башчысы кызматтарын аткарып келген. Эрнис Турсунов акын жана прозаик гана болбостон, драма жанрында да абдан ийгиликтүү жана жигердүү иштеди. Көрүп турганыбыздай, Э. Турсунов кыргыз маданиятынын мерчемдүү жерлеринде иштеп, кыргыз элинин маданий өнүгүшүнө жана адабий майданынын кайнаган чок ортосунда иштеп, ак кызматын аянбай аткарып, таза жашады. Анын калеминен чыккан "Айчырайлуу кыздар", "Чындык ийилет, бирок сынбайт", "Эрки күчтүүлөр", "Замандаш", "Баш мээси менен", "Байтик баатыр", аттуу драмалык чыгармаларынын аталыштары эле айтып тургандай, адам мүнөзүнүн жана иш аракеттеринин туура багытына басым коюлган чыгармалар болду. Э. Турсуновдун калеминен жазылып жана театрдын репертуарына зор салым кошуп келген бул пьесалар кыргыз элинин жашоо-турмушунун ар кыл жактарын терең камтуу менен чебер калемден чыккан, ак дилден айтылган адамдын ак ниеттиги, адал иштери ар качан турмуштагы башкы маанини ээлей турганын тастыктап келди. Анын "Олжобай менен Кишимжан", "Балбай менен Ормон", "Жусуп Баласагун", аттуу опералык либреттолоруна бекеринен талантуу композитор Мукаш Абдраев өзү музыка жаратып жаткан жокпу. Белгилүү композитор А. Мырзабаев, С. Осмоновдор да Э. Турсуновдун опералык либреттолоруна музыка жазышкан. Э. Турсунов жакшы акын болуу менен бирге эле обондуу ырларды да арбын жараткан кыска, женил ырдала турган, обонду тилеп турчу ырларды жаратууга шыктуу акын болгон.

Эрнис Турсунов абдан таланттуу жана ошонусуна жараша өтө талыкпай көп изденип, көп окуган инсан. Турсуновдун чыгармаларында стилистикалык маданияттынын жогорулугу, терминдик таасындык байкалып турат. Анын ар тараптуу билимге ынтызарлыгы жана куйма кулактыгы котормо адабияттарынан бөтөнчө даана сезилет. Эрнис Турсунов эч нерседен тартынбаган, колунан да, тилинен да келген көйкашкалыгы бар адам эле. Анан ошого жараша кайраттуу, өткүр, эрки күчтүү жана шер мүнөзү менен айырмаланып туруучу. Аны менен ар ким эле тил табышып, көзүнө тик багып карап, теңата болуп кете алчу эмес. Ошондой мүнөзүнө карабай абдан сезимтал жана боорукерлиги байкалып турса да, кырс мүнөздүү, чукул кыялдуу бирок да абдан назик, сулуу, мыкты сапаттарга өтө изгилик менен мамиле жасачу. Баса көрсөтө кете турган мүнөзү катары чыгармачылыкты өткөрө баалай билген калыстыгын айтууга болот.

Жазуучулардын бардыгы эле эл-журтка алымдуу, келим-кетимдүү, жайыл дасторкон боло албайт эмеспи. Кээ бирөө жаш аялы менен, кээсинин турмушу начар, кээсинин мүнөзү түнт деген сыяктуу. Мына ошондой жазуучу, акындардын ичинен аттын кашкасындай мыкты сапаттары менен да, адилетсиздикке кашкая туруп каяша берген чорт кыялы менен да, кыргыздын ата-бабадан келе жаткан салт-санаасы менен үрп-адатын сактап, аны өтөсүнө чыгара баалай билген, карыяларды карыядай, жаш өсүп келеткан таланттарды жаштай, аялзатынан чыккан таланттуу айымдарды кыргыздын кырк чачы улук кыздарындай сыйлаган адам ушул Эрнис Турсунов жана анын үй-бүлөсү, жубайы Жамийла жана анын кайын ата, кайын энеси Касмалы Бектенов менен Урумкан Исмаилова болгон деп айтаар элек. Гонорарды кенен алган учурда, же гонорар жок болсо, кышкы согум маалында жубайы экөө пенсиясын жыйып деле болсо да Республиканын таланттуу аксакалдарына чакырып бир даам ооз тийгизбесе жаны жай албай, Жамийланы да жүдөтүп жиберерин көп укчубуз. Жазуучулардын чогулуп чай ичүүсү биринчиден салт болсо экинчиден, бул оюн-зоок эмес, чыгармачылык байланыш болгон. Илхамды козгоо, жаңы табылгаларды изденүүнүн дагы бир ички-тышкы аракеттерин жаратып, адамдын ой-толгоосун бир силкинтип алар жагдай экенин Э. Турсунов жакшы түшүнгөн болуу керек. Себеби, атайын ишканадагы кызматтан тышкары кең-кесири отуруп, чүйгүн даамдарды татып отуруп өнчөй адабият менен искусство адамдарынын маектешкени табылгыс нерсе. Бул чер жазуу, ички сырды чечишүү, пикир алмашуунун эркин абалда ишке ашышы эмеспи. Мына ушундай кырдаалдарды биз орус адабиятынын, болгондо да орус совет адабиятынын мыкты өкүлдөрү тууралуу маалыматтардан көп эле окуп, угуп жүрөбүз, ал эми бизден башка чет өлкөлүк жазуучуларда мындай көрүнүштөр арбын болуп келген. Эрнис Турсуновдун чыгармачылык ишмердүүлүгүнүн көп тармактуу жана ар тараптуу болушунун бир себеби да анын ушул адабияттын бир гана жанрына сыйбай, буркан-шаркан түшүп атырылып, кайсы жанрдан кантип чыга турганын изденген күжүрмөн жана талыбас изденүүчүлүк мүнөзүнөн

байкайбыз. Анын изденүү түйшүгүнүн бар аракети өз жолун, өз почеркин талыкпай издөө жолунан кайтпагандыгы, өжөрлөнө окуп, көптү үйрөнүүдөн тажабаганы десек болот. Анын өзүнө гана тиешелүү жагдайы катары биздин баамдаганыбыз тубаса баамчылдыгы, кыраакылыгы жана башкалардан жалтанбай бетке айткан шар мүнөзү менен өзгөчөлөнө турган. Айрымдар аны орой неме деп айтышканын да угуп калчубуз. Дегинкиси Э. Турсуновдун туйтунган олжосу кандайдыр бир жекече табылганы изденүүдөн чыккан натыйжалар болгон. Ал көп элдердин фольклорун эне тилиндегидей жатка билген зээндүү, эс тутуму бөтөнчө тунук, музыка жандуу, өзү да үн кошуп ырдап жибере турган шайыр мүнөздүү болот турган. Бирөөнү күлдүрө турган жоруктарды айтып жатып, өзү такыр кайдыгер адамдай көзүн чакчыйта карап күлбөй туруп, ымдоо жаңсоо сыяктуу театралдык кыймылдарды байма-бай колдонгондугу айланадагылардын да эркин болушуна шарт түзө турган шайдооттугу, кысынбай мукактанбай шар сүйлөй берүүчү адаты бар экен. Ошондуктан болсо керек бир топ сүрдүү киши болучу. Анан ошонусуна карабай кыргыздын илгертеден келаткан салттарын өтө кадырлайт эле. Муну айтып жатканыбыздын себеби акындын биз айтып жаткан жеке мүнөздөрү анын чыгармаларында байкалып тургандыгынан болууда. Себеби анын кайсы чыгармасын албайлы, ал ага бар болгон энергиясын берип, ага руханий күчүн аянбай жумшаганы байкалып турат. Анын өлө-сөлү чыгармасы, жансыз образдары сейрек болбосо жокко эсе. Сөзүбүз кургак болбос үчүн Турсуновдун көркөм котормо үчүн тандап алган авторлорду деле байкап көрөлүчү – ал Шекспир, Пушкин, Данте, Шиллер, Гейне, Гёте, Брехт, Хикмет, Сервантес, Камю, Рудаки, Хафиз, Тютчев, Маяковский, Есенин, Вишневский, Петефи, Мицкевич, Эдгар По, Лермонтов ж.б..

Э. Турсуновдун котормочулук кесипкөйлүгү тууралуу кеп кылганда анын котормолоруна токтоло кетпесек макалабыз тузу татыбай калган тамактай болуп кала тургандай. Ошондуктан анын бир-эки котормосу тууралуу да сөз кыла кетүү ылайыгы келди өңдөнөт. Э. Турсунов жана дагы кыргыз акындарынын бир даары которуп чыгарышкан "Дүйнөлүк поэзиянын антологиясы" аттуу өтө көлөмдүү эки томдук жыйнактагы котормолордун көпчүлүгүнүн автору Эрнис Турсунов менен Сүйүнбай Эралиев экен. Бул китепке дүйнө акындарынын тандамал ырларынын котормолору жарыяланган. Турсуновдун ушул китепке жарыяланган котормолорунун ичинде көңүлдү өзүнө бургандар орустун улуу акындары А. С. Пушкиндин, Н. А. Некрасовдун, С.Есениндин, венгер акыны Шандор Петефинин ырларынын котормолору десе болот. Мисал катары бир аз үзүндү берели:

Кыйналбайлы жашап бекерге.
Кыска өмүрдү кыйып кетээрде:
Жар кучактап шарап актырып,
Жанды арнайлы Ата Мекенге. - делсе Ш. Петефиде,

Некрасовдун «Русь жеринде ким жыргайт,» деген ырында:

Кедейсиң, кененсиң,
Бийиксиң, тереңсиң,
Балбансың, байкушсуң,
Алдуусуң, алсызсың; -
Энеке – Русь!

Ал эми С. Есенинден:

Шаганэ, жаным, Шаганэ,
Айтайын сөздү шар эле,
Ай тийген алтын эгинди,
Алыста калган жеримди,
Шаганэ, жаным, Шаганэ. - деп которот.

Бул ырды жана жогорку ырларды деле, өзгөчө Пушкиндин лирикаларын кыргыз акындарынын көбү которушкан. Ал котормолорду карап отуруп акындардын бири-бирине атаандашпай эле өздөрүнүн ички жеке муктаждыктарын, чыгармачылык тажрыйбаларын сындан өткөрүп, чыгармачылык жигер менен талыкпай изденген котормочулук көркөм муктаждыкты сезүү ышкысы таң калтырат. Э. Турсунов ушулардын ичинен Некрасовдун аталган поэмасын абдан көп иштеди. Ага кеткен мээнетиненби же дегеле чыгармага жана анын авторуна болгон симпатиясынанбы, айтор ал тууралуу кайра-кайра баса айткандарын көп уккан элем, ал Есенинди да абдан жакшы көрчү. Өзү да буларга биринчи ирет кайрылып жаткан жери жок. Бул китепке кирген Э. Турсуновдун котормолору жетээр жерине жеткирдим го дегендеги коюлган акыркы чекити болуш керек деген ойдомун. Өзгөчө сөз кыла турганыбыз, албетте, «Евгений Онегин» аталган ыр түрүндөгү Пушкиндин классикалык чыгармасы. Жалпысынан алсак, кыргыз тилине Э. Турсунов бул чыгармага кайрылган үчүнчү котормочу. Буга чейинки котормочулар Пушкиндин «онегиндик строфасын» кыргыз тилинде жеткире албай келишсе, бу жолкусунда Э. Турсунов муну ийгиликтүү ишке ашырып, түрк тилдеринде оңойлук менен эпке келбеген саптарды ийкемге келтирип, кыргыз ырларынын стилдик, поэтикалык көркөм каражаттарынын бай корун чыгармачылык менен ишке киргизип, романды кыргыз окурмандарына тартуу кыла алган. Эмесе, романдагы акын которгон Татьянанын Онегинге жазган катынан үзүндү келтире кетели:

Эмнеликтен келип калдыңыз,
Элеттеги биздин кыштакка?
Жүрөт элем билбей кайгысыз,
Жүрөгүмө салбай эч капа.
Тажрыйбасыз көңүл толкунун,
Акырындап басат болчумун,
Ылайык таап бирди багыма,
Ырыс күткөн эне болмокмун,
Адал жүрүп алган жарыма...

Башкасын айтпаганда да мусулмандардын ыйык китеби Куранды, христиандардын ыйык китеби Инжилди / Библияны, Тоорагты биринчилерден болуп кыргызчага которууга бел байлашы, ошого даап тиш салышын эрдик ишке барабар дейт элек. Ыйык китепти которууга келсек, Э. Турсуновдун

кыргыз тилине алгачкы иретте Куран китепти которгону жаңы бир бел ашкандай эле татаал чыгармачылык жоопкерчилик жана пендечилик ишенимдерге, диний каршылыктарга туруштук берип, бел байлап киришкен чебер жана жүрөктүү жазуучу десек болот. Ал эми А.С. Пушкиндин "Евгений Онегинин" үчүнчү котормочу катары которууга шымаланып киришкени, акындын өз чыгармачылык күчүнө ишенгендиги, анын руханий талабынын чыгармачылыкка, котормочулукка болгон чаңкоосу, жан дүйнөсүнүн күсөшү деп айтсак жаңылышпайбыз. Бул туурасында да, кыргыз ыр түзүлүшүнө туура келбеген Пушкиндин атактуу онегиндик он төрт саптуу ыр түрмөгүн кыргыз ырына жакындатып, эптүү төп келтириштин өзү адабий майдандагы акындын чоң ийгилиги экендигин өз учурунда да, андан кийин да ырастагандар арбын болгон. Биз жакында о дүйнө салган акынды, анын жаркын элесин эсте сактаткан чыгармаларынын асыл сапаттарын дагы бир жолу эскериш үчүн бул макаланы жазып отурабыз. Анткени Эрнис Турсуновдун көркөм котормодогу эң чоң ийгилиги катары ушул "Дүйнөлүк поэзиянын антологиясын" түзгөнү да болгондугун айтпай койсок кине болоор деген ойдобуз.Чыгармачылык тажрыйбасы артып, калеми биротоло төшөлүп калган кезде кыял чабыты эргип, акылы толуп турган учурда тарыхый маалыматтарды карап чыгып көөнө баян, уламыштырды, санжыра- болмуштарды салыштырып Э. Турсунов тарыхый роман жазууга багыт алганын көрөбүз. Анын "Ата Журт", "Балбай", "Боронбай", жана "Биздин замандын баатыры", "Хан-Теңир" аттуу чыгармалары кыргыз элинин тарыхын, элге белгилүү инсандардын өмүр баянын, кийинки муунга өрнөк болуп кала турган иштерин, элдин тарыхый учуру менен байланыштырып, биздин азыркы заманбап талаптарыбыздын түпкү негизин түптөп бере турган баатырдык сапат, элди-жерди сүйүү, достук, туугандык мамилелерди асылзадаалык маңызында камтыган баалуу чыгармалардын катарына кирет. Аталган чыгармаларынын ичинен кошумчалап кайра толуктап, көркөмдөп чыккан "Ата Журт" романы.

90-жылдардан тартып кыргыз адабиятында тарыхый романдарды жаратуунун мезгили келгендей кыязды байкайбыз. Бирок кантсе да адабияттын тарыхый өнүгүү процессине көңүл бурсак, анда улуттук адабиятыбызды көкөлөтүп, анын ичинде роман жанрынын баркын көтөрүп, даңкын алыска чыгарып турган чыгармалар жазма адабияттын кыска гана мезгилинде бүткүл дүйнөгө таанылган учурда артка дагы бир ирет шашпай көз чаптырып карасак, дагы эле болсо бизде чыныгы тарыхый романдар жетишсиз экени байкалбай койбойт. Бул биздин адабий ыкшоолукпу, тарыхый маалыматтар жетишсизби, же таланттын кемчилдигиби, эмнеликтен биз ушул мезгилге чейин тарыхый эпопеялык чыгармаларга дагы эле муктажбыз. Албетте, такыр эле куру кол эмеспиз, бирок улуттун тарыхый өнүгүшүн толук, ар тараптуу камтый алгыдай даражада ар башка ракурстан толуктап турган, тарыхый чындыкты көркөм чындыкта чагылтуу аракеттери кенен масштабда көрүнгөн чыгармалар керек. Колдо бар чыгармаларыбызда тарых барактарынын тигил же бул жагы камтылганы менен да урунтуу бир учурлардын, тарыхый мааниси бар мөрчемдүү окуялар менен мезгилдердин карым-катышындагы тарыхый каармандардын, тиги же бул көрүнүштөрдүн маанилүү жагы, таасын образдардын кеңендиги өзүнүн реалдуулугунан кемитпей да, арттырбай да ошол баалуулугун реалдуу турушу менен объективдүү жана субъективдүү иш-аракеттерде, белгилүү кырдаал-шарттары менен шайкештирип чагылтуу болбой жаткандыгы өкүндүрбөй койбойт. Кыргыз элинин көйгөйлүү учурунун бири, жалпы тукум курут болуу апаатына капталып, андан аз гана сандагы калктын сакталып калышына күбө болгон эстен кеткис оор трагедиялуу окуянын бири Үркүн болгон. Үркүн темасы кыргыз прозасынын көчүн баштаган К. Баялиновдун "Ажар" аттуу чакан повестинде баяндалган мезгилден (1927) бери тарта ал тууралуу улуу-кичүү муундагы жазуучулар, акындар, чыгаан талантуу сүрөткерден тартып жөн гана баяндап берүүгө аракет кылган байкоочуга чейин жазып келе жатышат. Ошентсе да ажыдаардай от чачкан ошол катаал мезгилдин суук кебетеси, реалдуу көрүнүштө көркөм жалпылого жетпей, кайпытып өткөнү, сүңгүп кирүүгө чейин жетип токтогон ("Кандуу жылдар", "Ажал ордунда") уңгулуу чыгармалар ар кайсы жанрда жаралып келди. Ал дагы эле жарала бермекчи. Талантуу акын, Улуу Ата Мекендик согуштун жоокери катары курман болгон Жусуп Турусбековдун бул темада музыкалык драма жаратканы да ошол мезгилдин талабы болгонун тана албайбыз. Анткени бул мун-кайгыны боздогон кошоксуз, муун-жүүндү козгогон мунду муз музыканын миң кайрыктуу симфониясыз айта коюу, көксөнү суутуу мүмкүн эмес эле. Ошондон да улам тема күнү бүгүнкүгө чейин толук камтылбай келет. Кийинки жаш муундар эстен кеткис бул тарыхый трагедиянын 90 жылдыгын белгилешип, бийик ашууларда кагырап көмүлбөй жаткан адам сөөктөрүн жыйып, ак кепиндеп көөмп чыгышты. Бул кыргыз элинин башынан кечирген оор жана кайгылуу күндөрүнүн бир гана чети. Ал кездин бүткүл апаатуу мүшкүлүн толук камтууга шаа жетпейт. Үркүндүн реалдуу көрүнүштөрү, анын келип чыгышы жана алып келген кордугу, ызасы, кылыч кесип, окко учкан кандуу кагылыштарда набыт болгондорду айтпаганда да, тентип ач бел, куу жондо ит-кушка жем болуп, кытай-уйгур-дунган байларына кул-күң болуп, бир чыны талканга мөлтүрөгөн кызын сатууга чейин барган кордуктарын жазып бүгүү, айтып түгөтүү чындыгында оор иш. Ал эми бүгүнкү күндөгү сүрөткердин милдети мурдагылардан да оор. Себеби, бүгүнкү күндө элди ушундай абалдан сактап калууга болот беле, же ушундай абалга жеткирбей коюга мүмкүн беле. Бул үчүн кыргыз урууларынын башкаруучулары кандай иш-аракеттерди жасады деген маселе келип чыкпай койбойт. Мына ушундай

жагдайдан улам буга чейин кыргыз урууларынын ичинен Бугу-Сарбагыш урууларынын ортосундагы нааразылыктан келип чыккан чатактын эки уруунун чоң чабышына айланган трагедиясынын баяны тууралуу айтпай кетүү да болбойт эле. Бул туурасында көркөм-тарыхый чындыкты өзүнүн "Көчмөндөр кагылышы" атуу романында чагылтуу аракеттери К. Осмоналиевдин, кандайдыр бир даражада Т. Касымбековдун "Баскын" романында кеп болот. Бирок анын натыйжасынын залакалары тууралуу ой толгоолор "Ата Журт" деп аталган акын, жазуучу жана котормочу Эрнис Турсуновдун романынын шыбагасы болду го деген ойдобуз. Аталган романда Үркүн деп аталып жүргөн элдин азаттык үчүн көтөрүлүшү, тарыхый жактан да, саясий-социалдык жактан да туура багытты алган жана бир кыйла ишенимдүү чечмеленген.

"Ата Журт" романынын биринчи бөлүмү 1979-жылы жазылып, 1989-жылы жарыкка чыккан. Кайра иштелип чыккан биринчи жана экинчи бөлүм бириктирилип бир китеп болуп 2011-жылы жарык көргөн. "Ата Журт" романы акыркы мезгилдердеги тарыхый романдардын ичинен элибиздин баштан кечирген тарыхын бир топ кеңири жана обьективдүү чагылдыруу аракеттери жасалган чыгарма катары эсептелинет. Романдын башка тарыхый чыгармалардан бөлүп көрсөтүүнү талап кылган өзгөчөлүгү катары Үркүн маселеси болуп саналат. Үркүн темасы жогоруда айтылып кеткендей бир топ чыгармаларда, анын ичинде тарыхый романдарда да сүрөттөлүп келген. Ошондой болсо да конкретүү түрдө ошол проблеманын так өзүн толук жана ар тараптуу жалпылоо, же болбосо, Үркүндүн келип чыгышы менен анын өбөлгөлөрүн ачып берүү дагы эле толук түрдө, ар тараптуу чагылтуу жетишсиз. Аталган романды ошол маселелерди чагылтуу аракеттерин чечмелөө кандайдыр даражада ийгиликке жетишилген чыгарма катары карообуз керек. Романда ошол мезгилдин , доордун сүрөттөлүшү кыйла эле реалдуу тартылганын айта кетүүбүз керек. Үркүндүн болоор алдындагы кырдаал-шартты түшүнгөн, анын акыры ушунчалык чоң жоготууга бараарына көзү жеткен же, анын алдын алып, болтурбай коюу же болбосо, кандайдыр бир жолдор менен аман калуу чаралары активдүү жүргүзүлбөгөндүгү тууралуу эч бир чыгармада сөз боло электигин да моюнга алуубуз керек. Мына ушул проблемаларды чечмелөөгө бир топ жакын сүңгүп кирип барган жана аны ачып берүүнүн бирден бир жолу катары «Ата Журт" романында Э.Турсунов Бугу уруусунун башчысы кыргыз урууларынын ичинен бир топ кадыр-баркка ээ болгон Кыдыр акенин образы аркылуу жетишүү аракеттерин жасаган. Кыдыр аке чындыгында да кыргыз урууларынын ичинен бир топ кадыр-баркка ээ болгон инсан экенин автор Кыдыр акенин образына кенен токтолуу аркылуу ачып берүүгө жетишет. Кыдыр аке чындыгында да кыргыз урууларынын башын коштурууга аракеттенген, даанышмандыгы, көсөмдүк касиети жана элге жугумдуу сөзү бар инсан болгон. Көп маселелерге көзү каныккан адам катары Бугу уруусунун башчысы Кыдыр аке - чыныгы тарыхый адам болгону да анык. Кыдыр акенин образын автор туура тандаган жана аны бир кыйла реалдуу кырдаалдарда реалдуу шартта сүрөттөй алган. Бирок ал даанышман адамдын чечкиндүү иш-аракеттери чектелүү сүрөттөлүп калган. Анын ушул чектелүүсү, бир караганда элди бир ыкка каратуу жолун табууда Кыдыр акенин кечигип калышы, жана ошонун натыйжасында анын иш аракеттеринин пассивдүү болуп калгандыгы болгон.Кечигип дегенибиз, орус падышачылыгынын генерал чинин алган болуш болуп туруп, падышанын жазалоочу аскерине жолтоо боло албашына толук ишеними болгондуктан, элге эки жүздүү мамиле кыла албагандыгы, ошонун натыйжасында элдин да ага болгон ишениминин акыркы чечүүчү учурда солгундай түшкөндүгү айгине болгон. Анын үстүнө ага бийлик тарабынан чектөө коюлуп, бир гана уруунун бийлөө укугу болгону реалдуу тарыхый чындык болгон. Ал эми автор ушул реалдуу чындыктуу кырдаалдардын жетегине кетип, Кыдыр акенин образын көркөм чындыктуу даражага жеткире турган курч мүнөздөгү конфликт жетишпей, чыгарма солгунураак чечмеленип калган. Реалдуу чындык менен тарыхый кырдаал шайкеш курчуй албай, тактап айтканда, так ушул жерде автордун ойдон чыгаруусу жетишпей, чыгармачылык бошолондук байкалат. Арийне, ошонун кесепетинен бул образдын жүзү толук ачылбай, көмүскөдө калган. Ачылышы керек болгон тарыхый чындык курчуй албай, өз кондициясына жете көтөрүлө албай, тарыхый кырдаал өз чыңоосуна жетпей калганы өкүндүрөт. Биз автордун көзү тирүүсүндө да бул туурасында кеп кылганыбызда, биздин келтирген аргументтерибизге муюп, туура эле сындапсың, жумшартпай да айтпапсың деп күлө багып, мойнуна алган эле. Ошондой болсо да чыгарманын аягында баары бир акылман адам катары Кыдыр аке ошо Үркүн учурунда конкреттүү иштерди, мезгил талап кылгандай эки уруунун эли күткөн акылды, чыныгы даанышмандыкты кандайдыр даражада ишке ашыруу аракеттерин жасабай койгон эмес. Ошол жактарын эске алып автор Кыдыр акени чоң симпатия менен сүрөттөсө да, анын акылмандыгы, көсөмдүгү өзүнүн жакындарынын, туугандарынын трагедиясынын фонунда гана чектелип калган. Тактап айтканда, бул образ аркылуу автор элге кашкайган чындыкты алып чыгуу аракеттерин жүргүзгөн болсо да, жалпы элге келгенде бул сапаты анчалык күчтүү болуп чыга алган эмес. Башкача айтсак, ал жөнүндө элдин аң-сезиминде кабыл алынып келген ишенимдер, иштин көзүн тааныган ашкере камкорчулдук бошолоң болуп, каармандын жекече иш аракеттер, эркиндик үчүн болгон күрөштүн күчү уруучулук азчылыктын тегерегинен чыга албай, элдик, күчтүү патриоттулук көмүскөдө калып калган. Албетте, бул тарыхый чындык экени айгине. Автор аны дагы курчутуп, көркөм чындыкка көтөрө албаганы гана өкүнүчтүү. Кыдыр акенин зор кадыры, таасири

тууралуу ишеним болгону менен, андай сапаттар иш аракеттеринде көрүнбөй, андан ары курчубай, каармандын образы легенда бойдон кала берет. Муну автор уруу башчыларынын ынтымаксыздыгынын натыйжасы катары да карайт. Бирок бул жагдайды автордун кемчилиги катары эмес, анын тарыхыйлуулукка карата жекече аңдап-билүүсү катары кабыл алганыбыз адилеттүү болмокчу. Буга чейинки романдарда сүрөттөлгөндөргө караганда Э. Турсуновдун аталган романында бир топ эле алдыга жылыш бар. Айрым бир жерлери, өзгөчө элдин жана уруу жакшыларынын иш-аракеттери, аларга мүнөздөмө берүү, козголоңдун Көл аймагындагы куралышы менен чыңалышы, Ысык-Көлдүн Күнгөйү менен Тескейиндеги Ак падышанын талкалоочу полкунун күчүнө туруштук бере албай элдик отряддын тоо таянып чегинүүсү, Караколдогу орус аскерлери менен болгон кагылышуусу, кыргыздардын куралдуу тобунун кармашуулары, козголоңчуларды баштап жүргөн Сагалынын, Батыркандын образдары, Текеске карай качуудагы элдин оор абалынын сүрөттөлүшү, андагы айрым образдардын абдан чыйрак, даана, ишенимдүү чыгышын автордун тарыхый роман жанрындагы ийгилиги десек болот. Орус падышачылыгынын кыргыз жеринин географиялык жер шарттарын изилдөөгө Санкт-Петербургдан келген аскердик экспедициясынын максатын жана аны аткаруу иштеринин жүрүшүн башкарган экспедициянын жетекчиси Пржевальскийдин образын орус империясынын кызматын кыйшаюсуз аткарган, падышачылык Россиянын чыныгы атуулу катары өз милдетин өтөөгө чын жүрөгү менен берилген, Орус империясынын колониялык басып алуучулук саясатын сыймык менен колдонгон аскер адамынын типтүү образын ишенимдүү жана реалдуу чагылтканын баса көрсөтө кетишибиз керек. Себеби бул тарыхый инсандын жана тарыхый каармандын тегерегинде көл өрөөнүндө чечиле турган маселелер арбын болгондуктан, бул каармандын образына тереңирээк көңүл бурууга автор да мажбур болгон сыяктанат. Э. Турсуновдун өзгөчө симпатия менен берилген фельдшер Шелининдин, Ногойбайдын образдары, штабс-капитан Колуханов, уезд акими Иванов, тилмеч Касымбай Телгараевдин образдарын чагылдыруудагы жазуучунун көркөм чебердигине аталган образдардын жогорку деңгээлде ишке ашырылышы күбө болуп турат. Өзгөчө Касымбайдын образы өзүнүн кызмат абалы менен да, социалдык орду менен да, мансапкордук бийликтин башкаруучулук миссиясын өз кызыкчылыгы үчүн иштеткен амалкөйлүгү, замандын өзгөрүшү менен кошо ык алышып кетүүгө даяр эки жүздүү, кара өзгөй кытмырлыгы менен мытайымдыгы ашынган кейипкердин образы катары жакшы иштелген. Анын кырдаалды толук баамдай алган кыраакылыгы да, керт башынын кызыкчылыгы үчүн эч кимди аябаган, көргө катып болсо да байлыкты сактаган дүнүйөкорлугу, ошого карабай ушундай курч кырдаалда да жеке бактысы үчүн, өзүнүн жаш күнүнөн бери жактырып жүргөн кыз менен жашоого далбас урушу, сүйүүгө жана сүймөнчүтүү болууга кылган аракеттери бир кыйла ачык жана чыныгы турмуштагыдай кылдат берилген, көп кырдуу жактары бар татаал образдардын бири. Адетте, терс каармандарды иштеп чыгуу проблемалуу болгондуктан, бул кейипкердин образы терең иштелиши менен көңүлдү өзүнө бура алган. Автор бул каармандын мүнөзүн түзүүдө дүйнөлүк классикалык адабияттын салттарынын таасирин мыкты өздөштүргөнү байкалбай койбойт. Элдик козголоңчулардын башчылары менен бир катарда бел чечпей күрөшкөн, эл камы үчүн кам жеген кедейлердин ичинен чыккан жүрөгүндө карасы жок, баатыр сымал жигит Ногойбайдын образы татаал жана абдан реалдуу чыккан образ десек болот. Батыркандын, Сагалынын образдары да өз заманынын шартына ылайык бир тараптуу, тарыхый туруктуу көз карашка туругу жок, ошого карабай Ата Журтту сактоого аттанып, өз баштарын сайып койгон каармандар катары мыкты чыккан реалдуу образдар катары жакшы иштелген. Алардын патриоттулугу, эл үчүн кылган аракеттери жана анын текке кетишинин себептерин жазуучу даана ачып бере алган. Кайраттуу жана теңдик издеген кыргыздын эр жүрөк кызы Бурулчанын чыдамкайлыгы жана өз идеясына бекем турган туруктуулугу, сабырдуу Сабира Телтаева жана Жусуптун образдары толук кандуу, жандуу жана ишенимдүү болгондуктан окурмандардын жүрөгүнөн түнөк таба алат деген ойдобуз. Романдын биринчи-экинчи тому биригип чыкканга чейин бир топ оңдоолор, түзөтүүлөр болгонун да белгилей кетиш керек. Бул аралыкта толуктоолор киргизилип, айрым тарыхый каармандар өз ысымдары менен аталганын көрөбүз. Ал эми Жусуптун, Сабиранын образдарды көтөрүңкү жана зор симпатия менен сүрөттөлсө да, алардын иш-аракеттери, өзгөчө Жусуп тууралуу сюжеттер романды андан ары узарта чойгон уланды сыяктуу болуп, бир дем менен чыкпастан, обочолонуп калганын да белгилей кеткибиз келет. Ошондой болсо да бул роман Э. Турсуновдун чыгармачылыгында эле эмес, кыргыз элинин тарыхындагы эң бир трагедиялуу козголоңду ачык айкын түрдө көркөм аңдап берген чыгармалардын бири десек аша кеткендик болбойт.

Адабияттар:

1. *Турсунов Э.* Ата Журт: (2 китептен турган роман) - Фрунзе: - Адабият, 1990.– 345-б.
2. *Турсунов Э.* Ата Журт роман.- Бишкек:- Бийиктик, 2011. –700-б.
3. *Турсунов Э., Жалгасынова Д.* Триумф жана трагедия. - Бишкек: – 2012
4. *Турсунов Э.* Муктаждык (Муң китеп). – Бишкек: - Атлас – 2014. - 296-б.
5. *Сыдыкова Р.* XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы (40-80-жж.) - Бишкек: – 2013. - 332-б.

УДК:82.09 (575.2) (04)

Р. Шүкүрбеков жана Ч.Айтматов: орток идеялык-эстетикалык табылгалар

Текешова М. Б., КРУИАнын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун илимий кызматкери

Макалада Р.Шүкүрбеков менен Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы орток идеялык-эстетикалык табылгалар каралат.

Негизги сөздөр: Р.Шүкүрбеков, Ч.Айтматов, идеялык-эстетикалык табылгалар.

Р.Шүкүрбеков и Ч.Айтматов: общие идейно-эстетические находки

В статье рассматриваются общие идейно-эстетические находки Р.Шүкүрбекова и Ч.Айтматова.

Ключевые слова: Р.Шүкүрбеков, Ч.Айтматов, идейно-эстетические находки.

R.Shukurbekov and Chingiz Aitmatov:general ideological and aesthetic findings

This article discusses general ideological and aesthetic findings of R.Shukurbekov and ChingizAitmatov.

Key words: R.Shukurbekov, ChingizAitmatov, general ideological and aesthetic findings.

Биринчиси белгилүү акын-сатирик, экинчиси жазуучу-философ, ортолорунда орток эмне болушу мүмкүн деген суроо туулары бышык. Бирок талант сыры ошондо тура, курч чыгармачылык туюм, эрк, көрөгөчтүк, жасалмалуулуктан алыс турмуштун таза сүрөтү, мына ушул нерселер орток болушу толук мүмкүн. Р.Шүкүрбеков адам турмушуна жат, нравалык-этикалык түшүнүктөргө сыйбаган, коомдогу терс көрүнүштөрдү мыскылдап, келекелеп, аллегориялуу, каймана мааниде, кээде ачык эле шылдын-сатира менен чагылдырган же поэзиянын учкул кайрыктары чагылгандай курч учкундары менен тартылып өткөн турмуш картиналары Ч.Айтматовдо кара сөздүн кубаты менен ташка тамга баскандай чегилип, терең, ары кенен иштелип, миң түркүн боектор менен көркүнө чыккандай, социалдык-философиялык маанимаңызы ачылгандай сезилет.

Райкан Шүкүрбековдун чыгармачылыгы ар тараптуу. Ал бир эле учурда поэзия, проза, драма, котормо жаатында иштеп, аз өмүрүндө бай көркөм казына калтырып кетти. Акындын чыгармачылыгын баамдап, андагы зор поэтикалык кудурет күчтү көрө билген киши дагы жазуучу-адабиятчы Ч. Айтматов өзү болгон. Адабиятчы-сынчыларга айрым учурларда өз чыгармаларынын дагы жандырмагын чечмелеп берип, түшүндүрүп жүргөн жазуучу, акын-жазуучулар, алардын чыгармачылыктары туурасында дагы асыл ойлору менен бөлүшүп, адабият маселелерине тиешелүү көптөгөн суроолордун башын ачып, багыттап коюуга жетишкен. Ушундай докладдарынын бири "Адабияттын жаш граждандарына" (1963) деген "Жаш жазуучулардын республикалык кеңешмесинде сүйлөгөн сөзүндө" жазуучунун мындай дегени бар: "Эсиңерге бир нерсени сала кетейин. Маркум Райкан Шүкүрбеков, Мидин Алыбаевдер жердигинен таланттуу адамдар эмес беле. Кыргыз адабиятынын ирдүү жылдыздары десек артык болбос. Мына ушул таланттуу кишилер ар кандай өкүнүчтүү себептерге байланыштуу, бир жагы өздөрүнөн да кетип калды, табийгаттын берген поэтикалык күчүн көңүлдөгүдөй өркүндөтүп, көңүлдөгүдөй жумшай алышпай калышты деген ойдомун. Эгерде алар өз чыгармачылыгын теория жагынан байытып, искусствонун ар кайсы тармагында болуп жаткан турмуш менен терең байланыштырганда, алар анда азыркысынан да өйдө, атагы алда кайда кеткен зор-зор художник болууга толук мүмкүнчүлүктөрү бар эле" [1, 27-28-б.].

Ал эми адабиятчы О.Ибраимов "История кыргызской литературы XX века" деген эмгегинде "Райкан-Мидин мектеби", алардын инсандык жана чыгармачылык жеке-өзгөчөлүктөрүнүн маданий маанисине" токтолуп келип мындай дейт:"Сатира и Р.Шукурбекова, и М.Алыбаева, других последователей "Райкан-Мидинской школы" так или иначе обжигала серый, бездарный официоз, советский твердолобый бюрократизм, идеологическую предопределенность. Их лирика, гражданская поэзия всегда отличались искренностью, естественностью чувств, отсутсвием всякого ложного пафоса"[5, 412-б.]. Адабиятчы Райкан-Мидин менен башталган эркин ой-жүгүртүү, катардагы эмес, өзгөчөлөнгөн, ар кандай шарттуулуктардан

